- Өлкөдө көркөм өнөр жана эстетикалык окутуунун миң жылдан бери келе жаткан урп адаттары жана салттары колдонулган этнопедагогикалык системасынын жүзөөгө ашырылышы;
- Коомдун социалдык жана руханий жашоосунда чыгармачылыкты жана анын мүмкүнчүлүктөрүн өзгөчө феномен катары кароо.

XXI-кылымдын башында Кыргызстанда өзгөрүү процесстери өтө динамикалуу түрдө өтүүдө, ушуга байланыштуу эң башкы чечүүчү милдет болуп, ой-жүгүрүтүүсү жакшы, ишмердүү, тапшырган ишке жана Мекенинин тагдырына жоопкерчилик менен мамиле кылган, анык патриот, өзүн социалдык мамилелердин жана иш-аракеттердин субъектиси катары көргөзө алган инсанды тарбиялоо саналат. Ушундан улам, инсандын көркөм окутуу системасын жаңылоо милдеттери кайрадан каралып жатат.

Педагогикалык илимдин, билим берүү мекемелеринин жана мамлекеттик эмес уюмдардын алдында турган маселе болуп, заманбап шарттарда жаратуучу касиетке ээ болгон жана билимдүү жаранды даярдоо эсептелет.

Заманбап кишиден тажрыйба топтоо процессинде жалаң гана комплекстүү билим жыйнагы талап кылынбастан, ага кошумча жогорку маданияттуулук жана инсандык адеп-ахлактуулук потенциалы керектелет. Бул потенциалдын өнүгүшү жалпы адамзаттын баалулуктарын бекитүүнү талап кылат, себеби алар коомдун алга жылышынын өлчөгүчү болуп саналат. Бул багытта жүрүштү биздин мамлекетибиздин экономикалык, социалдык, маданий жана руханий потенциалы болгон өспүрүмдөрдүн жана жаштардын көркөм өнөр окутуу жана тарбиялоо жаатындагы маселелерин тереңдеп жана ар тараптуу иликтебестен элестетүү кыйын.

Көркөм өнөр окутуу заманбап жашоонун динамикасына дал келет. Ал адамдын инсандык жана социалдык керектөөлөрүн гармониялаштырып, аны коомго жагымдуу болгон иш-аракеттерди жасоого түртөт. Ушундан улам, максаттуу көркөм өнөр окутуу жана анын заманбап, көп варианттуу социалдык жашоого ылайыктуу методологияларынын көп түрдүүлүгү керектелет.

Кыргызстандын түштүгүндө өткөн 2010-жылдын июнь айындагы трагедиялуу окуялардын себеби болгон улуттар арасындагы сабырсыздык гуманитардык катастрофага айланды. Бул окуялар кадрларды даярдоонун жана алардын маданият деңгээлинин канааттандыраарлык эместигин көргөздү. Бүгүнкү күндө билим берүү системасынын жашоо керектөөлөрүнөн артта калуусу даана байкалууда, ошону менен бирге адамга биротоло билим берүү мүмкүн эместиги да ачык айкын. Ушундан улам, Баардыгына билим берүү (БББнун принциптери - 2000-ж. Дакарда ЮНЕСКО тарабынан өткөрүлгөн билим жаатындагы Бүткүл дүйнөлүк форумда кабыл алынган), Үзгүлтүксүз билим берүү жана Адамдын Туруктуу өнүгүүсү үчүн билим алуу керектиги келип чыгат.

Ошентип, Кыргызстанда билим берүү системасын кайра куруу шарттарында, аны гуманизациялаштырууда жана демократизациялаштырууда, билим берүүнүн аймактык компоненттерин эске алуу керектигинде, жаштардын жана өспүрүмдөрдүн чыгармачыл жана эстетикалык билим алуусун жакшыртуу жана аны менен бирге чоңдордун арасында билим жаатында иштерди жүргүзүү милдети пайда болду. Албетте, мындай суроонун коюлушу, биринчи иретте, педагогикалык кадрлардын өздөрүнүн профессионалдык даярдоосунун эффективдүүлүгүн жогорулатууну талап

кылат. Аналитикалык докладта мына ушул жана башка - бүгүнкү учурдагы мамлекеттин өнүгүшүндөгү көйгөй маселелер көтөрүлгөн.

# 1. УЛУТТУК МАДАНИЯТ ЖАНА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КӨРКӨМ ӨНӨР ОКУТУУ

## Кыскача тарыхый экскурсу жана учурдагы абалы

### 1.1. Улуттук маданият

Коллективдүү тиричилик маселеси табигый, бирок оор жаратылыш чөйрөсүндө миңдеген жылдар бою кыргыз көчмөн элинин коллективдик аң-сезиминин калыптануусунун негизи болгон. Кандай гана болбосун, бул жерде салттык тиричиликтин, ошондой эле көркөм ан-сезимдүүлүктүн тарыхый түзүлүшүн мүнөздөөчү гармониянын тамырлары жатат. Ошондуктан урп-адаттарды ташуучулар дайыма руханий байлыктын алмаштыргыс бөлүгү катары бааланчу (аларды укумдан-тукумга өтүүчү, орун басуучулук байланышы бар жергиликтүү жамааттардан тапса болот).

Ж.К. Урманбетова менен С.М. Абдрасулова жазгандай («Кыргыз маданиятынын өнүгүүсүнүн булагы жана негизги ой-максаты» монографиясы, Бишкек, 2009-ж.) «батыш адамынын иш-аракети антропоцентризм философиясынан келип чыгат, андагы адам өзүн дүйнө тиричилигинин борбору катары эсептеп жана ошого жараша, жаратылыш дүйнөсүн өзүнө багындыргысы келет. Ал эми көчмөндүн иш-аракети, жаратылыштын өнүгүшү менен катар жүрүү жөндөмдүүлүгүндө, ал биринчи иретте, адамдын келип чыгышы жаратылыш менен кишинин ортосундагы үндөшүүсүндө». <…> Кыргыздардын дүйнөнү таанып билүү системасында байкоо жүргүзүүчүлүк жөн гана тиричиликке анализ жүргүзүүсүндө эмес, аны сезүүдө жатат жана бул себептен, ал руханий байлыктын табигый тазалыгын сактоого түрткү берди».

Байыркы түрктөрдүн элдик философиясы теңирчилик болгон жана анын элементтери ислам салттарында дагы эле сакталууда. Улуттук маданият Борбордук Азия маданиятынын бутагы болуп эсептелинет, ошол эле учурда, Евразиянын борборунда жайгашып, Улуу Жибек жолундагы ири кербен артериясынын бирден бири болгон Кыргызстан, байыртадан бери келе жаткан ар түрдүү маданий элементтердин симбиозу бар өлкөлөрдүн өкүлү болуп саналат. XIX-XX кылымдардагы көчмөн

тиричиликтин отурукташууга алмашылышы жаңыча карама-каршы көз караштардын айкалышына алып келди.

XX-кылымда Кыргызстанда маданияттын өнүгүүсү кыйынчылыктарга дуушар болду. Советтик учурдун тарыхында миң жылдык маданиятка сырткы идеологиялык кырдаалдар токулган Кыргызстанды мүнөздөөгө «формасы боюнча улуттук жана мааниси боюнча социалисттик» корутундусу колдонулганы бекеринен эмес. Ошол эле учурда кыргыз тилинин жарым жартылай унуткарылышы, менталитет системасынын кыйроосуна түртку берген. XXI-кылымдын биринчи он жылдыгында, өзгөрүүлөрдүн жана улуттук маданияттын келишпестиги эки багытта байкалды: бир жагынан бул – каада-салттын алгачкы маанисин сактоо аракети болсо, экинчи жагынан, каада-салтка жана заманбаптыкка болгон көз караштардын кескин өзгөрүшү болду. Маданиятты, искусствону жана билимди өнүктүрүүдөгү мамлекеттик дотациялардын деңгээлинин төмөндөшү, демилгени көрсөтүүгө жаңы шарттардын түзүлүшү менен компенсацияланат. Ошентип, Кыргызстандын бүгүнкү маданияты, коомдук жана саясий, тарыхый жана экономикалык өнүгүүлөрдүн арасындагы аракеттешүүлөрдүн өзгөчөлүктөрүн чагылдырат.

1991-жылы Кыргызстандын мамлекеттик көз карандысыздыгын кабыл алуусу, бир жагынан мамлекеттин жана коомчулуктун геосаясаттык мейкиндикте эгемендүү өнүгүүсүн көргөзсө, башка жагынан- өлкөнүн дүйнөлүк гуманитардык идеялардын фондусуна кирүүсүн көргөзөт. Демократиялык реформалардын учурунда Кыргызстандын тарыхында болгон окуялар жана далилдер калыбына келтирилүүдө.

Кайткыз глобализациялоо процесстеринин таасири алдында маданий жана тарыхый улуттук бүтүмдүүлүк маселеси курчуду. Маалыматтык активдүүлүк жана жаңы технологиялар батыш маданиятынын таасирин күчөткөнүнөн улам, улуттук маданияттын жана искусствонун өнүгүүсү жаңыча актуалдуулукка ээ болду. Мүмкүн дал ушул миң жылдык «дүйнөлүк көчмөндүк» (Ч.Айтматовдун айтуусунда), бир катар системалык кризистерди башынан өткөргөн Кыргызстан коомчулугун биригүүгө аракет кылууга милдеттендирет жана бул процесстеги бирден-бир маанилүү багыт болуп, маданиятка болгон көз караштардын коомду өнүктүрүүдөгү эң негизги каражаты катары калыптануусу эсептелинет.

2010-жылдын апрель айы Кыргызстан үчүн өзгөрүүлөрдүн кайра баштоосунун учуру болду, өлкөнү баскан июнь айындагы оор сыноолордон кийин, бүткүл элдик референдум ийгиликтүү аяктап, жаңы Конституция кабыл алынып, өнүгүүгө ыңгайлуу жана мыйзамдуу шарттар түзүлдү. Акыркы жылдарда, Кыргызстан бир канча жолу авторитардык жана экономикалык чөгүүнүн коркунучунда туруп келди. Аларды

жеңүүдө Манастын мураскору болгон Кыргыз элине, руханий тазалануунун нак жөндөмдүүлүгү жана азыркы учурда өлкөдө байырлаган 154 улуттун жана элдин маданиятынын соолбос потенциалы мүнөздүү. Мындан тышкары коомдун аргындашкан маданий мүнөзү өнүгүүнүн маанилүү булагы болуп эсептелинет.

2005-2010-жж. Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан «100 маданий долбоору», Жаштардын жылы, Мурастар жылы, Кыргызстандагы Айыл жылы (тоолуу аймактын шарттарында жашаган өлкөнүн калкынын көпчүлүк бөлүгү үчүн маанилүү) пландары, Китепканалар жылы жана башка руханий, патриоттук жана тарбиялык потенциалын, тарыхый жана маданий мурастарды сактоого жана жүзөөгө ашырууга багытталган программалар иштелип чыккан.

1995-жылы БУУнун жана ЮНЕСКОнун жардамы аркылуу дүйнө жүзү боюнча кыргыз элинин улуу баатырдык эпосу «Манастын» 1000 жылдыгы белгиленген, бул юбилей күндөрүнө Кыргызстанда 8 өлкөнүн президенттери жана 6 өлкөнүн премьер-министрлери катышышкан. Эпостун үзүндүлөрү англис, орус, казак, өзбек, түрк жана башка улуттардын тилдерине которулган жана басылган. Кыргыз Энциклопедиясынын башкы редакциясы «Манас» эпосунун энциклопедиясын жарыкка чыгарган. Эпоско байланыштуу көркөм жана документалдуу фильмдер тартылып, «улуу» («Манас») жана «кенже» эпостордун (эпикалык поэмалардын жыйындысы) тексттери чыгарылууда. Мунун баардыгы, «Манас» баатырдык эпосунун руханий жана ахлактык мазмунун тереңинен түшүнүүгө түрткү берет жана тарыхтын жаңы баскычы учурунда кыргыз элинин руханий мүмкүнчүлүктөрүн даана көрсөтөт. Акындардын жана манасчы-жамакчылардын чыгармачылыгы ЮНЕСКО тарабынан Бүткүл дүйнөлүк материалдык эмес мурастарынын шедеври катары кабыл алынган.

Акыркы жылдардын эң маанилүү окуялары болуп, Ош шаарынын борборунда жайгашкан Сулайман-Тоонун ЮНЕСКОнун Дүйнөлүк Мурастар тизмесине «Сулайман Тоо - Касиеттүү тоо» номинациясы боюнча киргизилиши, Бишкектеги «Айтматов жана заманбаптык» эларалык форуму кыргыздын чыгаан жазуучусунун 80 жылдыгына жана КМШнин адабият жана эл алдында окуу жылынын жыйынтыктарына арналган, «Айтыш-2009» жана «Тогуз кайрык-2010» республикалык салттык катышуучуларынын конкурсу саналат. Борбордук Азиянын өнөрпоздорун колдоо ассоциациясы (CACSA) тарабынан уюштурулган «Оймо» эларалык өнөрпоздордун фестивалы, Кыргыз Республикасынын Маданият жана маалымат Министрлигинин жардамы менен өткөрүлгөн салттык музыка жумалыгы жана Республикалык театралдык фестивалы жыл сайын өтүүчү окуяларга айланды. Чындыгында, бир дагы долбоор эпикалык

мурастын өзгөчөлүктөрүн чагылдыруусуз өтпөйт, мисалга алганда сүрөтчү Юристанбек Шыгаевдин «Манас-Тамга» көргөзмө долбоору, Арсен Умуралиев атындагы Бишкек шаардык драмалык театрынын, «Тунгуч» жана «Сахна» театрларынын, орус мамлекеттик драмалык театрынын спектаклдери.

2010-жылдын башына карата Маданият жана маалымат Министрлигинин системасында[2] 21 профессионалдык театр, 3 филармония, 1055 китепкана, 697 клуб, 63 музей, 2 жогорку жана 8 орто атайын кесиптик окуу жайлары, 88 балдар музыкалдык, сүрөтчүлүк жана искусство мектептери, 5 маданий жана эс алуу парктары, 46 кинотеатр жана Кыргыз улуттук цирки иш алып барууда. Бул уюмдун маалыматы боюнча 2009-жылы маданият сферасына 707 миллион 827 мин сом бөлүнгөн, ал мамлекеттин бюджетинин чыгымдар бөлумүнүн 0,9 пайызын түзөт. Ошол эле учурда, демократиялык маданияттын жаңы модели түзүлүүдө, анын система-жаратуучу белгиси болуп- сүрөтчүлөрдүн, арт-менеджерлердин жана билим берүү мекемелеринин өздөрүнүн демилгелери саналат. 2000-жылдан тартып приоритети - заманбап искусствосу болуп эсептелген мамлекеттик эмес уюмдардын түйүнү түзүлүүдө. Ошентип, Заманбап искусство (Contemporary Art) багытында иш алып барган Кыргызстандын, Казахстандын, Өзбекстандын жана Тажикистандын сүрөтчүлөрү бир командага биригип, 2005, 2007 жана 2009-жж. Венециялык биенналлиге катышышкан. Менчик киностудияда тартылган фильмдер (ар түрдүү өлчөмдөгү дотациялардын улүшү менен) кыргыз кинематографына эларалык фестивалдарда бир канча баалуу сыйлыктарды алып келди. Мамлекеттин, жарандык коомдун жана бизнес элиталардын өз ара кызматташуу мисалдары пайда боло баштагандыктан, маданий жашоо, биринчиден Кыргызстандын түндүк жана түштүк борборлорунда (Бишкек жана Ош) 2010-жылы өлкөнүн түштүгүндө болгон трагедиялуу июнь айында болгон окуяларга чейин, каныккан жана ар тараптуу болгон.

### 1.2. Көркөм өнөр окутуу

Салттык көркөм жана эстетикалык тарбия берүү системасы элдик оозеки чыгармачылыкка, декоративдик жана колдонмо жасалгоолорго, музыкалык салтка, улуттук каада-салттарга жана үрп-адаттарга таянып келген, бул система билим жана тажрыйбанын «устаттан шакиртке» салттык методикасы аркылуу өнүккөн. Ал

[2] http://www.minculture.gov.kg

гармониялуу жана толеранттуу дүйнө таанып билүүнүн негизинен келип чыккан жана XX-к. жаңы көркөм өнөрдүн түрлөрү менен байытылды (адабият, театр, кино, музыка, хореография, көркөм сүрөт, фотоискусство).

Совет тарыхынын доорунда искусство жана көркөм өнөр окуутууга жана тарбиялоого чоң маани берилип, алар «ар түрдүү тараптан өнүккөн инсандын» өсүшүнүн багыттарынын бири болуп эсептелген. Кандай гана болбосун, искусствого жана көркөм өнөр окууга караштуу баалулуктардын көрсөткүчтөрү жөн гана эстетикалык эмес, идеологиялык болгондугу маалим. Мисалга алганда, реализм, түшүнүүнүн (кабыл алуунун) «айкындыгына», ал эми чыгармачыл ой-жүгүртүүчүлүк - «массалык түшүнүүнүн» (фольклордо) жана «социалисттик жашоонун» (заманбап искусствосунда) апологетикасына (жогорудагы көз карашка баш ийдирүүсүнө) алып келген.

Мектептердин, жогорку окуу жайлардын педагогдорунун, КиргизНИИПтин жана РММИнин методистеринин (мурунку Республикалык мугалимдерди кайра окутуу институту (РММИ), Илимдер Академиясынын илимпоздорунун жана чыгармачыл бирикмелердин өкүлдөрүнүн ич ара арекеттешүүсүнүн аркасында 1990-жылы «Кыргыз ССРинин элдик билим берүү системасындагы эстетикалык тарбиянын концепциясы» долбоору иштелип чыккан. Бул концепцияга ылайык, эстетикалык тарбиянын ыкмалары жана так формалары төмөндөгү негизги категориялардын тегерегинде болушу зарыл эле:

- Инсан (Концепция инсанды тарбиялоого багытталып, инсан аркылуу жүзөгө ашырылат);
- Чыгармачылык (эстетикалык баалуулуктарды түшүнүү жана жаратуу чөйрөсүндөгү, тийиштүү тарбиянын чөйрөсүнө тартылгандардын бардыгынын чыгармачыл активдүүлүгүн божомолдойт);
- Система (мектеп окуучуларынан тартып, пенсионерлерге чейин, калктын баардык катмарларынын эстетикалык тарбиянын процессине тартылууга эсептелген. Муну ишке ашырууда Концепция мамлекеттик мекемелердин, коомдук уюмдардын жана ышкыбооздордун тартуулаган мүмкүнчүлүктөрүн эстетик тарбия берүү үчүн колдонууга таянат).

Концепциянын долбоору үч бөлүмдөн турган:

- Биринчи бөлүм «Эстетикалык тарбия – инсандын калыптануусунун эң маанилүү фактору» атанып, ал ар бир кишинин көркөм жана эстетикалык билим

алуусунун маанилүүлүгүн негиздеген, анткени башкача жол менен бүтүндөй инсандын калыптануусу мүмкүн эмес.

- Экинчи бөлүм «үзгүлтүксүз билим берүү системасындагы эстетикалык билим берүүнүн негизги багыттары» аталып эстетикалык тарбиянын баскычтарын жана аларды жүзөгө ашыруудагы алдынкы күчтөрдү – үй-бүлө, мектепке чейинки тарбия берүүчү мекемелер, мектеп жана кесиптик окуу жайларын чагылдырган.
- Үчүнчү бөлүмдө «Эстетикалык тарбиянын концепциясын жүзөгө ашыруу жолдору» белгиленген.

Бирок, ошол учурда берилген Концепция нормативдик документ катары кабыл алынган эмес.

Көркөм өнөр окутуу жана эстетикалык тарбия берүү боюнча бүтүндөй мамлекеттик саясат түзүлгөн жок жана бул анын абалына бир кыйла терс таасирин берди. Ошентсе да, баардык тиешелүү тараптарды тартуу менен, концептуалдык документти түзүүнүн маанилүүлүгүн жана мүмкүндүгүн фактын өзү көрсөтүп турат.

Көз карандысыздыкка ээ болгондон бери мамлекеттин стратегиясы көркөм окуу системасын экономиканын социалдык-багытта өнүгүүсүнүн демократиялык маданияттын жана дүйнөлүк коомго кирүүсүнүн шарттарына ылайыкташтыруусуна багытталган.

Билим, илим жана жаштар саясаты Министрлиги тарабынан Миңжылдыктын өнүгүү максаттарын, Туруктуу өнүгүү максаттарын, Баардыгына билим берүү максаттарын жана билим берүү системасын реформалоосун ишке ашыруу максатында даярдалган 2007-2010-жж. арасында «Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясында» улуттук-маданий мазмуунга ээ болгон вариативдүү билим программаларын иштеп чыгуу милдети баса белгиленген. Ушундан улам, көркөм өнөр окутуунун эң жогорку сапаттуулугун жана XXI-кылымдагы инсан менен коомдун чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрүнүн өнүгүүсүн камсыз кылууда, заманбап цивилизацияга жалпы болгон тенденциялардын объективдүү таасири эске алынат. Биринчи тенденция - глобализациялоо процессинин күчөтүлүшү. Ал планетардык маалымат мейкиндигинин калыптанышы менен барабар материалдык жана руханий ишмердүүлүктүн жыйынтыктарынын ыкчам орун алмашсууна алып келет. Экинчи тенденция инсандын жеке өнүгүүсүнө жана калыптануусуна оң шартаттардын түзүлүшү жана инсандын XXI-к. өзүн өзү жаратуусу менен шартталган.

Көркөм өнөр окутуунун өнүгүшүнүн жана аны реформалоонун ыкмалары жана аракеттери көз карандысыз демократиялык мамлекетти куруу концепциянан келип чыгат. Бул концепция төмөнкү приоритеттерге таянган:

- Мотивациясы жана жөндөмү бар баардык кишилерге маданият жана искусство жаатында билим алууга жана профессионалдык даярдого катышууга мүмкүндүк берүү;
- Маданият жана искусство тармагындагы окутууну эстетикалык тарбия берүүдө жана эстетикалык шыктуулукту өнүктүрүүдө колдонуу;
- Мамлекеттик эмес окуу-тарбия жана реабилитациялык мекемелерди укуктук деңгээлде тең кылып түзүү менен бирге, маданият жана искусство жаатында билим берүүдөгү мамлекеттин монополдук укугун азайтуу жана билим жаатында көп варианттуу инвестициялык саясаттын калыптануусу.

### 1.3. Көркөм өнөр окутуунун укуктук алкагы

Кыргызстанда эгемендүүлүк жылдарынан бери мамлекеттик деңгээлде бир канча көркөм өнөр окутуунун системасын калыбына келтирүүгө жана анын мындан ары өткөөл учурдун шарттарында өнүгүүсүнө таасир берген иш-чаралар, жүзөгө ашырылган. Биринчилерден болуп ага билим берүүнүн мыйзамдуу укуктук алкагынын түзүлүшү кирет. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынышы, «Билим жөнүндө», «Маданият жөнүндө», «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө», «Мамлекеттик тил тууралуу», «Мугалимдин статусу жөнүндө» жана башка мыйзамдарын кабыл алуусу менен бирге билим берүү системасынын негизги укуктук нормалары аныкталган. Көркөм өнөр окутуу жаатындагы ишмердик баардык баскычтарда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн нормативдик актылары, профилдик министерстволордун жана ведомстволордун жоболору, буйруктары жана буйрутмалары менен көзөмөлгө алынат.

2008-жылы апрель айында Билим берүү жана илим Министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасындагы ар түрдүү маданиятка тиешелүү жана көп түрдүү тилде билим берүүнүн Максаттуу программасы жана Концепция кабыл алынган. Концепция көп түрдүү маданияттыкты билим берүүнүн стратегиялык принциптеринин бири катары киргизди. Көп түрдүү маданияттык, баалуулуктардын жана нормалардын көп жактуулулуктугунун жана ар түрдүүлүктүгүнүн билим берүүдө басымдуу багыт болгонун жана алардын билим берүүдөгү тең укуктуулугун билдирет.

Концепция көп түрдүү маданиятка тиешелүү билим берүүнүн максатын төмөндөгүдөй аныктайт: ал билим берүү системасынын бүтүрүүчүсүн жашоого жана ар түрдүү маданий чөйрөдөгү ийгиликтүү профессионалдык ишмердүүлүккө даярдоо; мындай даярдык, бүтүрүүчүнүн Кыргызстандагы маданий көп түрдүүлүктүн

баалуулугун кабыл алуусунан, республикада жашап жаткан этномаданий топторун тарыхын жана маданиятын, эне тилин, мамлекеттик, официалдуу жана дүйнөлүк тилдердин бирөөнү билүүсүнөн, ошондой эле, ачыктыкты өнүктүрүүсүнөн, жана таанылбаган маданий чөйрөгө болгон ийкемдүүлүк жөндөмүнөн жана ал чөйрөдө баардыгына аксанатайлык менен мамиле кыла биле тургандыгынан турат.

Көп түрдүү маданияттуулулуктун принцибине негизделген билим берүү төмөндөгүлөргө түрткү берет:

- бардык маданий көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын, нормаларын, коомдогу ишмердүүлүк формаларын жана жүрүм-турум үлгүлөрүн сактоого жана көбөйтүүгө;
- балдардын маданий индивидуалдуулугунун калыптанышына жана ошондой эле, алардын жергиликтүү жамаатардын маданий көп түрдүүлүгүн жана кишилердин арасында сөзсүз түрдө маданий айырмачылыктардын бар болгондугун түшүнүүгө;
- бала бир тилдүүлүк чөйрөдөн көп тилдүүлүк чөйрөгө кирген учурда пайда боло турган «маданий шокту» жеңилдеткенге.

Концепцияда көп түрдүү маданияттуулуктун принциптерин билим берүү системасына киргизүүдөгү негизги болуп алынган төмөнкү төрт деңгээл (ыкма) бекитилген:

- Кошкон салымына таянган ыкма *(«каармандар жана майрамдар»);*
- «Этникалык группалардын *кошумча ролуна*» таянган ыкма;
- *Куррикулумду трансформациялоого* таянган ыкма;
- *Чечимдерди кабыл алууга* жана окуучунун *социалдык активдүүлүгүнө* таянган ыкма.

Азыркы учурда Кыргызстан үчүн биринчи эки ыкма мүнөздүү; куррикулумду трансформациялоо боюнча иштер башталган. Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн активдүү формаларына өтүүсү (айрыкча, долбоордук ыкма аркылуу) кийинки кезектеги кадам болушу зарыл. Бул, окуучулардын жергиликтүү жамааттын жашоосуна активдүү катышуусуна, аларды курчап турган көп түрдүү маданий дүйнөнүн бүгүнкү керектөөлөрүнө жараша аракеттенгенге мүмкүндүк берет. Окуучулардын реалдуу көп түрдүү маданияттуулукту өздөштүрүү иш-аракеттеринин бирден бир формасы - бул көркөм өнөр жаатында билим алуу болушу мүмкүн жана болуусу кажет, анткени ал балага жана чоңдорго дүйнөнүн маданий ар түрдүүлүгүн өз чыгармачылыгы аркылуу өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет.

Кыргызстан ар бир балага жана чоңдорго билим алууга укук берүүчү жана мүмкүнчүлүк алганга багытталган эларалык декларацияларга жана конвенцияларга дагы кошулган, анткени бул документтер балдардын жана чоңдордун ар тараптуу жана айкалыштуу өнүгүүсүнө жана ошондой эле, маданий жана чыгармачылык жашоого катышуусуна укук берет. «Көркөм өнөр окутууну, өлкөдөгу окуу программасынын эң маанилүү жана ал турсун милдеттүү түрдө керек болгон бөлүгү болгонун түшүнүүгө түрткү берген негизги себептер так ушул укуктардан келип чыгат («Көркөм өнөр окутуунун Жол картасы»).

Маданият жана искусство жаатында билимди демократизациялоону өнүктүрүү боюнча Эгемендүүлүк жылдарынан бери көрүнүктүү кадамдар шилтенди. Аларга, жаңы укуктук базанын түзүлүшүнөн сырткары, үзгүлтүксүз баскычтуу билим берүүнүн киргизилиши, толук көлөмдө болбосо дагы, педагогикалык адабияттын иштелип чыгышы, билим берүүнүн мазмунунун толукталышы, окуу жайларынын түйүндөрү менен бирге окутуучу жана профессионалдык программалардын түрлөрүнүн көбөйүшү кирет. Эмгек рыногунун өзгөрүүлөрүнө жараша жаңы кесиптин адистери даярдалууда.

Көркөм өнөр билим берүү Кыргызстанда мектепке чейинки, жалпы орто, мектептен сырткары, техникалык жана кесиптик, жогорку, дипломдон кийинки, аспиратура жана докторантура алкагында формалдык жана формалдык эмес окутуу формаларында жүргүзүлөт. Мыйзамдын негизинде кээ бир кесиптер боюнча жаңы окуутуу жана квалификациялык баскычтар киргизилди (Болондук система алкагында) жана аларга кошумча, күндүзгү, сырттан жана дистанттык окутуу түрлөрү аныкталган. Ар түрдүү баскычтуу схемалардын бар болуусу XXI-к. коомдун керектөөлөрүнүн жана инсандын мүмкүнчүлүктөрүнө жана мотивацияга жараша эркин тандоого жана билим алууга кепилдик берет.

Көркөм өнөр окутуу бир катар инновациялык жана пилоттук долбоорлордо жана программаларда социалдык реабилитациялоонун, жаңы муундун руханий чыңдалышынын фактору болуп саналат; мындан сырткары, өнөр -терапиясы балдардын жана чоңдордун медициналык жана эмгек терапиясын толуктайт.

Аналитикалык докладты даярдоо учурунда Кыргызстандагы көркөм өнөр окутуунун бүгүнкү абалында бир катар проблемалар аныкталды. Билим берүү системасынын тынымсыз жана көп жолу баш аламан жүргүзүлгөн реформалоосу, каржылоонун, инфраструктуранын жана квалификациялуу педагогикалык кадрлардын жетишсиздиги, көркөм өнөр жана эстетикалык билим алуунун мүмкүнчүлүктөрүн толугу менен көрсөтүлүшүнө жолтоо болууда.

Ошол эле учурда, XXI-кылымдын чакырыктары Кыргызстандын көркөм өнөр окутуу системасынан так белгиленген саясатты жана жөндүү стратегияларды аныктоону талап кылууда. Ошондуктан, көркөм өнөр жана эстетикалык тарбиянын жана билим берүүнүн бүтүндүү системасын Үзгүлтүксүз билим концепциясы, Бардыгына Билим Берүү жана Туруктуу өнүгүү үчүн билим берүү программалыры менен айкалыштырып өнүктүрүү зарыл.

# 2. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ФОРМАЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ТҮЗҮЛҮШҮНДӨГҮ КӨРКӨМ ӨНӨР ОКУТУУ КОМПОНЕНТИ

## 2.1. Мектепке чейинки көркөм өнөр окутуу жана эстетикалык тарбия

Мектепке чейин тарбиялоо жана билим берүү мекемелери Кыргыз Республикасынын мектепке чейинки окутуу мекемеси тууралуу Үлгүлүк жобосуна ылайык иш жүргүзүшөт. 1990-жылдардын башында Кыргызстанда, айрыкча айыл аймагында мектепке чейинки мекемелердин кескин кыскартуусу болуп, андан кийин карама-каршы тенденция байкалган. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим Министрлигинин маалыматы боюнча 2000-жылы республикада 460 бала бакча катталган, шаарларда-268, айыл жергесинде-192. Алардын ичинен 338 бала бакча мамлекеттик бюджет тарабынан каржыланган мекемелер. 2004-2009-жылдар арасында Нарын, Жалал-Абад жана Баткен областтарында Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарга кам көрүү» Мыйзамын жүзөгө ашыруу максатында «Жергиликтүү жамааттар деңгээлиндеги эрте курактагы балдардын өнүгүүсү» долбоору Азиялык өнүгүү банкынын алкагында ишке ашырылды. Бул долбоордун алкагында айыл аймагында жашаган 20 миңден ашуун балдар үчүн 300 дөн ашык жамааттык бала бакчалар түзүлгөн.

Билим берүү жана илим Министрлигинин маалыматы боюнча 2010-жылдын сентябрь айына карата республикада 76 миң баланы камтыган 594 мектепке чейинки билим берүү мекемелери жана 12 миңден ашуун 2-6 жаш арасындагы балдарды камтыган 279 альтернативдик мектепке чейинки билим берүү мекемелери иш алып барат. Бишкектеги милдеттүү түрдө медициналык камсыздандыруу фондунун аймактык башкармалыгынын маалыматы боюнча Кыргызстандын борборунда 87 мектепке чейинки балдарга билим берүү мекемелери (67 муниципалдык, 10 атайын жана 10 менчик) иштейт.

Билим берүү жана илим Министрлигинин Мектепте жана мектепке чейинки билим берүү башкармалыгынын жетекчиси Дамира Кудайбергенова 2010-жылы 17-мартындагы мектепке чейинки билим берүүнү өнүктүрүүнүн финансылык анализи боюнча *тегерек столдо* сүйлөп жатып, бүгүнкү күндө 76 миңден ашуун бала мамлекеттик бала бакчаларында жана 12 миңи – жамааттык мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде тарбия алып жатканын жана ал тийиштүү курактагы балдардын 13% гана түзөөрүн белгиледи.[3]. Бул мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин жана анын ичиндеги балдардын санынын Кыргызстандын жагымдуу демографиялык көрсөткүчтөрүнө дал келбегендигин көрсөтөт.

Иш жүргүзүп жаткан мамлекеттик, жеке менчик жана жамааттык мектепке чейинки билим берүү мекемелери КРнын «Мектепке чейинки билим берүү» (2009-ж.) Мыйзымына жана «Мектепке чейинки балдарга билим берүү жана кам көрүү» Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык иш алып барышат.

Мектептен тышкаркы билим берүүнүн инсандын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылытарынын маанилүүлүгүн көңүлгө алуу менен, Кыргыз Республикаснын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын 18 беренесинде, мектептке чейинки билим берүү мекемелерин каржылоо, мамлекет тарабынан камсыздандырылары тууралуу жобосу бекитилген.

«Мектепке чейинки билим берүү тууралуу» Мыйзамынын 4 беренесине ылайык, мектепке чейинки билим берүүнүн милдеттери болуп төмөндөгүлөр белгиленген:

- Баланын физикалык, психикалык жана руханий ден соолугун сактоо жана бекемдөө;
- Жарандык аң сезимдүүлүктү, патриотизмди, мамлекеттик белгилерди, мамлекеттик, официалдуу жана эне тилин урматтоону, ар түрдүү маданиятка жана курчап турган чөйрөгө сый жана этияттык мамиле кылууга тарбиялоо;
- Баланын чыгармачылыкка болгон жөндөмүнүн анын жашына, интеллектуалдык жана физикалык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша өнүгүүсү;
- Мектеп жашындагы балдардын айкалыштуу өнүгүшүн камсыз кылуу. Ал физикалык, социалдык, эмоционалдык, психологиялык, руханий, адеп-ахлактуулук, интеллектуалдык жана эстетика жактан өнүгүүсүн жана эмгекке болгон тырышчаактыкты тарбиялоону камтыйт.

---

[3] http://www.for.kg/ru/news/111919/

Азыркы учурда, коомдун мектепке чейинки окуу мекемелеринин билим берүү процессинин сапаттуулугуна болгон кызыкчылыгы жана жалпысынан, мектепке чейинки тарбиянын популярдуулугу артып бара жатат. Акырындык менен мектепке чейинки курактагы балдарды мектепке даярдоо жана интеллектуалдык өнүгүү боюнча программалар менен камтуу жүргүзүлүүдө. Ата-энелердин көбү балдарын менчик мектепке чейинки билим берүү мекемелерине жайгаштырышат же болбосо үйдө окутушат, бирок, ошентсе да, балдардын кээ бир бөлүгү бул процесске кирбей калууда. Баланын мектепке чейинки даярдык көрүүсүн мындан аркы билим алуусундагы өзгөчө маанисин эсепке алуу менен, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим Министрлиги жалпы билим берүү мектептеринде даярдоо класстарын киргизди. Мындан сырткары, Бишкек шаарынын балдардын эки искусство мектебинде, мектепке чейинки эстетикалык билим берүү программасы бар.

Мектепке чейинки окутуу сабактарында, баланын өз үй-бүлөсүнүн ичинде жана өзүнө жакын микросоциалдык чөйрөнүн өкүлү менен күнүмдүк карым катнашы учурунда өздөштүргөн дүйнө катышынын ыкмалары өнүктүрүлөт. Ошону менен бирге, баланын эстетикалык дүйнө таанып билүүсүнүн негизи болгон бала бакчалардын маңызын жана иштөө формасын, балага көркөм өнөр окутуунун негиздерин үйрөтүүдөгү ыкмаларын жана методторун камтыган мектепке чейинки тарбия жана билим берүүнүн программасы түзүлгөн.

Мамлекеттик стандарт (2007-ж.) мектепке чейинки мекемелерден төмөнкү багытта иш жүргүзүүнү талап кылат:

- физикалык, психикалык, таанып билүүчүлүктү, туура сүйлөгөндү үйрөтүүнү жана социалдык өнүктүрүү;
- баланын ар түрдүү ишмердикте өзүнө ишенгендикти, аракеттүүлүктү жана чыгармачылыкты көрсөтүү үчүн багытталган жөндөмдөрүн жана шарттарын өнүктүрүү.

Мамлекеттик стандарт, мектепке чейинки билим берүү программалары мектепке чейинки жаштагы балдарга мүнөздүү төмөндөгү иш-аракет түрлөрүн эске алуу менен түзүлүшүн талап кылат: кыймыл аракеттүү жана оюн, таанып билүүчүлүк, туура суйлөгөндү үйрөтүү, сүрөт тартуу, музыкалык, театралдык ж.б. жана баланын эстетикалык өнүгүүсүнө жана анын «чыгармачыл жөндөмүн ачып көрсөтүүсүнө» мүмкүндүк берген түрлөрү.

Үлгүлүк окуу планында, 1,5 жаштан 6/7 жашка чейинки балдарга ар бир жаш группасына баалуу сабактар караштырылган: көркөм адабият – жумасына 1 саат; музыка – жумасына 2 саат; ошондой эле, чаптап жасоо (3 жаштан баштап) – жумасына

1 саат; аппликация (2 жаштан баштап ар бир жаш группаларында) – жумасына 0,5/1 саат; сүрөт тартуу (2 жаштан баштап) – жумасына 1 саат жана жумасына 2 саат (3 жаштан баштап).

Мамлекеттик тилди экинчи тил катары үйрөтүүдө кыргыз жазуучуларынын, акындарынын, композиторлорунун, сүрөтчүлөрүнүн чыгармаларын, кыргыз фолклорун жана көркөм өнөр чыгармачылыгын колдонуу жана ошондой эле, райондордо, областтарда, шаарларда, айылдарда жашап жаткан элдердин жана улуттук группалардын улуттук жана маданий салттары менен милдеттүү түрдө таанышуу тапшырылгандыгын белгилеп кетмек керек.

Мамлекеттик программалардан сырткары, Кыргызстанда бир катар альтернативдик программалар иштеп жатканын айтса болот. Мисалы, алардын ичинде, «Ачык коом» Иституту (OSI, Сорос Фонду) тарабынан иштелип чыккан «Кадам артынан Кадам» программасы (1995-ж. бери). 2009-жылы бул программанын алкагында, Кыргызстанда 68 мектепке чейинки мекемелерди, 57 башталгыч мектептерин жана төрт мугалимдерди кайра окутуу институттарын камтыган 11 даярдоо курсу иштеген.

«Кадам артынан Кадам» программасы балдар менен иштөөдө интерактивдүү методторду колдонууну болжолдойт жана мектепке чейинки жана башталгыч мектептеги окутуу процессинде жергиликтүү жамааттардын жана үй бүлөнүн катышуусун кубаттайт. Бул программанын алкагында ар кандай «өнүгүү борборлорунда» - ИЗО, куруучулук, илимий ж.б. көңүлүнө жаккан иш менен алектенген балдардын чыгармачылыгы кубатталат (мисалы, Бишкек ш. «Азем» №162 балдар бакчасында). Өнүгүү борборлордун («активдүүлүк борборлору») ар бири өзүнө таандык өзгөчөлүгү менен таанылат, алардын педагогдор тарабынан иштелип чыккан, баланын иш аракетинде өзүнүн индивидуалдуулугун көрсөтүүгө мүмкүндүк берген материалдары бар.

Изилдөөлөр баланын көркөм өнөр чыгармачылык менен эрте жашта таанышуусу, анын түшүнүү жөндөмүн активдештиргенин, маалыматты активдүү кабыл алуусуна жакшы таасирин бергенин жана ой-жүгүртүүнү өрчүткөнүн көрсөтөт. Мына ушул жагдайларсыз, кайсыл бир иште ийгиликке жетишүү мүмкүн экендиги тууралуу сөз кылганыбыз болбойт.

Булар менен катар, мектепке чейинки мекемелердин чегинин тышында кооптуу тенденциялар көрүлүүдө - бул чоңдор тарабынан балдар дүйнөсүндөгү оюндардын, жомоктордун жана фантазиялардын профанациясы. Алардын кээ бирлери, узак

убакыттан бери чоңдор тарабынан балдардын оюн-зоогунун массалык индустриясынын элементине айландырылган (телевидение, компьютердик оюндар ж.б.).

Мектепке чейинки көркөм өнөр окутууну жана эстетикалык тарбиялоону оптимизациялоо маселелерин чечүүгө карата, нормативдик жана укуктук базанын иштелип чыгуусу, каржылоонун реалдуу түрдө көбөйтүлүшү, материалдык жана техникалык базанын  жаңыртылышы, жаңы түрдөгү имараттардын курулушу, ылайыктуу кадрларды даярдоо жана кайрадан окутуу жана мектептен тышкаркы билим берүү мекемелеринин жумушчуларынын айлык акыларын көбөйтүү керектелет.

### 2.2. Жалпы орто билим берүү

Кыргызстандын жарандары жынысына, расасына, улутуна, социалдык жана мүлктүк абалына, жасаган жумушуна, туткан динине, саясий ынанымдарына, ден соолугунун турумуна, жеке жана коомдук мүнөздөгү кандайдыр-бир башка жагдайларга карабастан, баардык мамлекеттик окуу жайларында акысыз жалпы орто билим алууга конституциялык укугу бар.

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим Министрлигинин маалыматы боюнча 2010-2011- окуу жылынын башталышына карай Кыргызстанда жалпы орто билим берүү мекемелеринин түйүнү 2191 мектептен турат. Окуучулардын жалпы саны 1 041 564 барабар, бул анын Кыргызстандын калкынын 20% түзөт. Бардыгын алганда, бул мектеп жашындагы 89,9% жакын балдарды камтыйт.

Балдарга жана өспүрүмдөргө көркөм өнөр билим берүү жаатындагы башкы ролду эстетикалык циклдин сабактары ээлейт. Бирок, окуучулардын жумалык жүктөмүнүн нормасынын жогорулашы менен (өзгөчө гимназияларда, лицейлерде жана кээ бир сабактарды терендеп окута турган мектептерде), учурда, окуу сааттарынын көлөмү инвариант түрүндөгү сабактарды бириктирүү аркылуу кыскартылууда. Мисалга алганда, 1-4-класстарда окутулуучу «Сүрөт искусствосу» жана «Эмгек» сабактары. «Эмгек» жана «Черчение» сабактары 5-7-класстарда өтүлүүчү, «Технология» сабагына интеграциаланган. Ал эми «Адеп сабагынын» элементтери («Уроки этики») «Адам жана коом» сабагына интеграцияланган.

Ошентип, реформалоо процессинде көркөм өнөр жана эстетикалык циклдин баардык сабактарынын сааттарынын көлөмү кыскартылган. «Сүрөт искусствосу жана көркөм чыгармачылык», «Технология», «Музыка» сабактарына жумасына 1 гана академиялык саат бөлүнгөн. Мындан сырткары, мектеп алдында китептердин жана окуутуу куралдарынын жоктугу же болбосо жетишсиздиги маселеси турат.  Кыргыз

Республикасынын билим берүү жана илим Министрлигинин 2010-жылдын куррикулумуна ылайык, башталгыч класстарга окуу китептерин, ошондой эле, эстетикалык циклдын предметтери боюнча китеп чыгарууга республикалык конкурс жарыяланган.

Көз карандысыздыкка ээ болгондон бери Кыргызстанда эстетикалык циклдин предметтери боюнча, мазмуунду программаларды жана китептерди даярдоо боюнча олуттуу иштер жүргүзүлгөн. Мисалга алганда, 1990-жылы искусство жана музыка боюнча Мамлекеттик билим берүү стандарттары иштелип чыгып, алар кайрадан 2005-жылы жаңыланган. 1994-жылы кыргыз мектептеринин 1-4-класстары үчүн музыка боюнча программа («Музыканын жана анын коштоосундагы кыймыл-аракет») жана кийинчерээк мугалимдер үчүн ноталык хрестоматия жана усулдук пособиелер иштелип чыккан. 2000-жылы 5-7-класстар үчүн программа (авторлору Н.Ниязова, А.Арзыкулова ж.б.) иштелип чыккан. Бул программалардын негизи болуп, орус жана батыш классикасынын материалдарын сактоо менен бирдикте, окуучулардын элдик жана профессионалдык музыка менен таанышуусу саналат.

Курстун көрсөтмөсү балдардын Кыргызстандын маданияты менен гана эмес, дүйнөлүк профессионалдык жана элдик чыгармачылыктын шедеврлери менен таанышуусун, ар бир чейректе өтүлүүчү темалар аркылуу жүзөөгө ашырылат. Алар бир гана сүрөт искусствосу жана скульптура менен таанышууну гана эмес, декоративдик жана колдонмо искусствосун, дизайн жана архитектураны божомолдойт. Сабак учурунда балдар ар кайсы искусствонун түрлөрүндө колдонулган материалдардын касиеттерин өздөштүрүшөт жана Кыргызстанда эң көп колдонулган материалдар - кийиз, кайыш, чий, сөөк ж.б. менен иштешет. Табигый материалдар менен иштөө жана табияттык боёкторду колдонуу, окуучуларга өз жаратылышына камкордук менен мамиле кылуу сабагын берет, бул алардын экологиялык тарбиясынын негизин түзүп, ошол эле учурда, алардын өз улутунун маданияты жана тарыхы менен тыгыз байланышта болуусуна түрткү берет.

1994-жылы «Көркөм өнөр» сабагы боюнча (изобразительно-художественное творчество) 1-класстар үчүн окуу китеби иштелип чыккан (авторлору Д.Акматова, Ж.Кыдыралиев жана А.Момункулов). Берилген окуу китеби билим берүү жана илим Министерствосунун автордук программалары, усулдук пособиелери жана окуу китептери боюнча кароосунда каралып, Ардак грамотасына татыды. Андан кийин, башталгыч класстардын мугалимдери үчүн усулдук колдонмо менен бирге (биринчи жана экинчи бөлүмдөрү, 1996-1997-жж.), балдар, мугалимдер жана ата-энелер үчүн «Көркөм өнөр булагы» колдонмосу иштелип чыккан.

1995/1996 окуу жылында окуу пландары альтернативдик вариантка өттү. Окуу планынын 3-вариантында 8-11-класстар үчүн «Дүйнөлүк көркөм маданият» курсу пайда болду (алгач, 1971-жылдан баштап – факультатив) жана ага арналып, 2003- жылы 5-11-класстары үчүн «Дүйнөлүк көркөм маданият» боюнча программа иштелип чыккан (автору Л.Ю.Марченко).

Ушул учурда аракетте болгон Кыргыз Республикасынын мектепте билим берүүдөгү мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык (2004), эстетикалык циклдин предметтери «билим алуунун жалпы маданий чөйрөсүнө» киргизилген. Анализ көрсөткөндөй, негизги окуу планынын алкагында, эстетикалык циклдин предметтери башталгыч класстарда убакыттын 8,2%, ортончу мектепте – 3,4%, жогорку класстарда - 0% ээлейт.

Башка көп өлкөлөрдөн айырмаланып, Негизги окуу планы боюнча бул предметтерге берилген убакыт кыскартылган, анткени Кыргызстанда бул предметтер окуучулардын жүктөмүнүн эсебине киргизилген. Мындан сырткары, мектеп алдында окуу китептеринин жана колдонмолордун жоктугунун же жетишсиздигинин маселеси турат.

Кыргызстандагы мектепте билим берүү системасын реформалоонун алкагында, 2011-жылга чейинки өлкөнүн Өнүгүү стратегиясынын 6.3.1. п. ылайык, жалпы орто билим берүүнүн Алкактык улуттук окуу планы иштелип чыккан (АУОП, билим берүү жана илим Министерствосунун 2009-жылдын 21-декабрындагы №1114/1 буйругу менен бекитилген). Кыргызстан үчүн, бул жаңы түрдөгү документ болуп саналат. Ал билим берүү системасынын ишин, коом жана мамлекет үчүн актуалдуу болгон, бир гана окуудагы жогорку деңгээлге ээ болгон эмес, ошондой эле, социалдык жана коммуникативдик ж.б. компетенттүлүүктөргө ээ болгон бүтүрүүчүлөргө болгон керектөөлөрү менен байланышта болушуна мүмкүндүк берет.

Алкактык улуттук окуу планында 7 билим берүү чөйрөсү аныкталат жана алардын бири «Искусство». Бул документе белгиленгендей, берилген билим берүү чөйрөсүнүн алкагындагы көркөм өнөр жана эстетикалык билим берүү «окуучулардын жалпы адамзаттын мурасын жана улуттук маданиятты түшүнүү аркылуу, көркөм жана эстетикалык дүйнө таанып билүүсүнүн калыптанышына багытталган». Окуучулардын искусствонун негизги түрлөрүн түшүнүүсү жана өздөштүрүүсү (адабият, музыка, сүрөт искусствосу ж.б.) мектептин ар бир баскычынын милдеттерине жараша болот. Ал чыгармачылыкта өзүн ачып көрсөтүүсүн жана өз алдынча көркөм ишинин ыкмаларын өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет».Учурда эстетикалык циклдин сабактары башталгыч жана орто мектептеринде (8-кл.чейин) гана оутулса, бул кырдаалга карама каршы,

Алкактык улуттук окуу планы, баардык билим берүү чөйрөлөрүндөгү сабактарды 1-11-класстарга чейин окутулуусун баамдайт. Мына ушул себептен окуу планына «Улуттук жана дүйнөлүк маданияттын тарыхы» сабагы киргизилген (8-11-кл. үчүн).

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү Концепциясынын алкагында (Билим берүү жана илим Министрлиги тарабынан 29.05.2009-жылы кабыл алынган) 8-9-класстар үчүн профильдикке чейинки, эстетикалык циклдин сабактарын тереңирээк өздөштүрүү үчүн керектүү курстары, ал эми, 10-11-класстар үчүн мектептин «Көркөм өнөр жана эстетикалык» профиль боюнча иштөөгө мүмкүнчүлүгү каралган. Алкактык улуттук окуу планынын принциптеринен улам, 1-4-класстар үчүн предметтик куррикулумдар иштелип чыккан жана бекитилген. 2010-жылы башталгыч класстар үчүн жана анын ичинде, эстетикалык циклдин предметтери боюнча окутуу жана методикалык комплекстерди түзүүгө сынак жүргүзүлгөн.

Ошол эле учурда, адистердин тынчын алган нерсе - массалык-маалымат кызматтары чагылдырган агрессивдүү маалымат. Зордук-зомбулук сценалары, тамеки тартуу жана алкоголдук ичимдиктердин жарнамалары балдардын жана өспүрүмдөрдүн физикалык жана психикалык саламаттыгына зыян келтирүүдө. Ушул себептен, мектептерде балдардын сезимтал жанын «тазалоочу» жана «айыктыруучу» кошумча көркөм өнөр окутуу жүзөгө ашырылат. Класстан тышкаркы сабактарда, ийримдерде, жалпы орто мектептердеги факультативдерде жана студияларда, балдарга жана өспүрүмдөргө төмөнкү багыттарда билим жана чебердиктер өткөрүп берилет: икебана, сүрөт тартуу, кол өнөрчүлүк, жабыштырма материалдар менен иштөө, бий, хор менен ырдоо, музыкалык аспаптарда ойноо, театралдык студиялар. Багыттардын ар түрдүүлүгү, окуучулардын өздөрүнүн же алардын ата-энелеринин керектөөлөрүнө баалуу. Көркөм өнөр жаатында кошумча билим берүүнүн максаты болуп, инсандын болушунча эң толук чыгармачыл жана айкалыштуу өнүгүшүнө шарттарды түзүү жана ар бир балага таандык болгон таланттарды ачууга жол берүү жана өнүктүрүү.

### 2.3. Ден-соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарга жана жетим балдарга тарбия берүү жана көркөм өнөр окутуу

Кыргызстандагы ден соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды жана жетим балдарды социалдык жактан коргоонун башкы формасы болуп

аларга сапаттуу билим берүү, медициналык жана социалдык реабилитациялоо жана коомго интеграциялоо шарттарын түзүп берүү саналат. Бириккен Улуттар Уюмунун Балдар фондунун (ЮНИСЕФ) 2009-жылдын сентябрь айына карата алынган маалыматы боюнча, Кыргызстандагы 64 институционалдык типтеги балдар мекемелериндеги официалдуу түрдө катталган жетим балдардын саны 15 миңге жакын. Алар үчүн калуу мөөнөтү узартылган бала-бакчалар, атайын мектеп-интернаттары, узартылган күн менен атайын окуу мектептери иштейт.

Ден-соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын билим алуусу 2007/2008 окуу жылынан баштап формалдык билим берүү системасына киргизилген.

Өзгөчө окутуу керектөөлөрү бар балдар көркөм өнөр окутууну ар түрдүү уюшкандык формаларында алышат. Ден соолугунун абалына байланыштуу, жалпы негизде билим алууга жана тарбиялануга мүмкүнчүлүгү чектелген мектепке чейинки жана мектеп жашындагы балдар үчүн атайын окуу мекемелери- бала бакчалар, мектептер (мектеп-интернат); жалпы типтеги билим берүү жана мектепке чейинки мекемелериндеги атайын класстар жана группалар, алгачкы социалдык реабилитациялоонун борборлору, балдарды өнүктүрүү борборлору, окуу жана реабилитациялык борборлору иш алып барат.

Алардын кээ бирлеринде, көркөм өнөр окутууга болгон өзгөчө окуу керектөөлөрү бар балдардын укуктарын камсыз кылууда жаңы ыкмалардын колдонулушу, алардын социалдык изоляциясын азайтканга түрткү бериши байкалууда. Биринчиден, булар, өсүшүндө бөтөнчөлүктөрү бар балдардын өз курагындагы нормалдуу өнүккөн балдар менен бирге окуусунун ишке ашырылышы (Жаңы-Жер айылындагы №43 профессионалдык лицейи, SOS балдар кыштагы), ошондой эле, инновациялык программалар жана көркөм өнөр окутуу боюнча педагогикалык эксперименттер (Бишкек шаардык «Дар» Медициналык борборунун балдар реабилитациялык борбору, «Умут-Надежда» Реабилитациялык борбору).

Өлкөдөгү мамлекеттик саясатка ылайык, мындай мекемелерге шефтик жардам системасы киргизилүүдө. Аткаруу бийлик органдары мамлекеттик администрациялар менен биргелешип концерттерди, маданият жана искусство ишмерлеринин катышуусу менен кайрымдуулук акцияларын өткөрүшүүдө. Кээ бир көркөм өнөр билим берүү мекемелеринде ден–солуугуна байланыштуу мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн секциялар бар («Балажан» Республикалык эстетикалык тарбия берүү окуу-усулдук борбору). Мамлекеттик эмес коомдук реабилитациялык кызматынын системасы да түзүлүүдө.

Ушул эле заманда, коомчулуктун, мүмкүнчүлүктөрү чектелген жана социалдык камкордуктан ажыратылган балдарга болгон көптөн бери калыптанган стереотиптерди кайра карап чыгуусу, эң башкысы, мындай балдарды жана жетимдерди кошо, тең мүмкүнчүлүктөрү бар адамдар катары кабыл алуулары керек. Ар бир баланын билим алуу укугу Кыргыз Республикасынын Конституциясында[4] жана өлкөнүн мыйзамдары менен бекитилген. Буга карабастан, оор формадагы майыптыгы бар балдардын жана өспүрүмдөрдүн көпчүлүгү, мектепке чейинки, мектептик жана профессионалдык билим алуу (анын ичинде, көркөм өнөр жаатында) мүмкүнчүлүктөрүнөн ажыратылган.

Мындай абалдын негизги себеби болуп, каражаттын жетишсиздиги гана эмес, ошондой эле, өнүгүшүндө проблемалары бар балдар менен иштей ала турган мугалимдерди жана тарбиячыларды даярдоого караштуу иштелип чыккан жана иш жүзүндө сыналган программанын жоктугу саналат. Кыргызстанда мугалимдерди жана тарбиячыларды интернаттык түрдөгү мекемелер үчүн гана даярдашат. Бирок, долбоорлордун алкагында, алардын ичинде, Азия Өнүгүү Банкынын жана Япондук жакырчылыкты жоюу фондунун «Өзгөчө керектөөлөрү бар балдардын негизги сапаттуу билим алуусуна кирүү мүмкүндүгүн жогорулатуу» долбоору боюнча, мугалимдер үчүн алардын инклюзивдуу балдардын жөнөкөй класстарда иштөөсүн камсыздандырган курстар өтүлүүдө.

Бул маселенин актуалдуулугу, өнүгүүсүндө проблемалары бар балдарды окутууда өзгөчө көрүнөт (угуу, көрүү, суйлөө, психикалык өрчүүнүн кечигүүсү проблемалары ж.б.). Жалпы билим берүү мекемелерине тапшырылган ар кандай жаштагы балдардын психикалык ден-соолугунун анализи, интеллекти жогорку деңгээлде болгон гана эмес, ошол эле учурда, кыялдануу жөндөмү, ой-жүгүртүүсү, эс тутуму, түшүнүктөрү жана сөз байлыгы начар деңгээлдеги балдарды көрсөтөт; бул анализ мындай балдардын социалдык жана психологиялык статусунун өзгөчөлүктөрүн, анын ичинде, балдардын өз кыймыл-аракеттерин жана өзүн өзү кармоо, боор ооруу жана конструктивдүү байланышуу, конфликттерди чечүүнүн адекваттуу формаларын колдонуу жөндөмдөрүнүн жоктугун көрсөтөт.

Мындай баланын дүйнө менен өз ара аракеттешүүсүнүн проблемасын чечүүчү каражат болуп, искусство эсептелинет. Искусство менен алектенүүнүн дарылык касиети да бар, ал балдардын өнүгүүсүндөгү четтөөлөрдү алдына алган жана түздөгөн жолдордун бири болуп саналат. Бирок, искусствонун негизиндеги реабилитациялык иштин социалдык жана маданий мааниси, искусствонун реабилитациялык потенциалы,

[4] Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 36-беренин 2-п.

жана исскусствонун негизиндеги арт-терапия, практика жүзүндө ал үчүн керектүү социалдык, билим берүү жана маданий инфраструктуранын жоктугуна байланыштуу, жетишсиз өздөштүрүлүп жатат.

### 2.4. Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү

Көркөм өнөр кесиптик билим берүүнүн башталгыч жана орто баскычы музыканттарды, сүрөтчүлөрдү жана башка көркөм өнөр жаатындагы профессияналдык даярдоодо өзгөчө мааниге ээ. Үзгүлтүксүз кесиптик билим берүүнүн чынжырындагы бирден бир маанилүү болгон бул баскычтар, 1990-жылдарда жаңы экономикалык өзгөрүүлөргө болгон ылайыкташтыруу процессине байланыштуу, структуралык өзгөрүүлөргө дуушар болду. Бул мекемелердин статусу, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө Мыйзамынын, Балдардын музыкалык, көркөм өнөр жана искусство мектеби тууралуу Жобосунун жана Башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик стандартынын кабыл алынышы менен аныкталган. Алар өздөрүнүн милдетин базалык билим берүүнү жүзөөгө ашыруу менен бирге, улуттук бүтүндүүлүктү жалпы адамзаттык менен бирге камсыздоо кылууну, алардын өз ара байытылуусу аркасында, улуттук маданиятты сактоону жана өнүктүрүүнү көрүшөт.

Базар мамилелеринин орун алышы, жеке менчиктештирүүнүн бардык формаларынын ыкчам өсүшү, башталгыч жана орто билим берүү баскычтарынын адистерине болгон талапты жаратты, бул да өз кезегинде инсандын, коомдун жана аймактын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, ушул категориядагы адистердин профессионалдык даярдыгын өнүктүрүүгө болгон муктаждыкты айгинелейт. Мына ошондуктан, бүгүнкү шарттарда, улуттук салттарды, руханий жана маданий баалулуктарды, профессионалдык билимге жана шыкка болгон өзгөчө талаптарды эсепке алуу менен бирге, декоративдик жана колдонмо көркөм өнөр жасалга буюмдарын, музыкалык инструменттерди жана башкаларды өндүрүү боюнча квалификациялуу ишчилердин профессионалдык даярдоосу чоң мааниге ээ болуп жатат.

Билим берүү жана илим Министрлигинен 2010/2011 окуу жылынын башына карата алынган оперативдүү маалыматы боюнча, Кыргыз Республикасында 32 миң окуучуну камтыган 110 баштапкы профессионалдык билим берүү мекемелери (БММ, БИМ жана БКМ) жана 59,5 миң студенти бар 111 орто кесиптик окуу жайлары бар.

Көркөм өнөр окутуу сферасындагы адистерди төмөнкү орто кесиптик мекемелер даярдашат: Муратаалы Куренкеев атындагы Кыргыз мамлекеттик музыкалык окуу

жайы, Оштогу Ниязаалы атындагы музыкалык окуу жайы, Караколдогу Ыбрай Туманов атындагы музыкалык окуу жайы, Токмоктогу музыкалдык техникум, Бишкектеги музыкалдык жана педагогикалык колледж, Бишкектеги Семен Чуйков атындагы көркөм сүрөт училищеси, Бишкектеги Чолпонбай Базарбаев атындагы хореографиялык училищеси. Ошондой эле, бул системанын ичинде М.Абдраев атындагы Республикалык орто кесиптик музыкалдык мектеп-интернатынын (1-11-жалпы окуу жана музыкалык класстар) өзгөчө жери бар.

Бул мекемелердеги окуу процесси, алгачкы оорунда, аткаруучулук чеберчилигине көнүл бурат, бул демек – бир гана салттык эмес, академиялык искусство жаатында дагы, концерттик, фестивалдык жана сынактык практика керектигин баамдайт. Мындай иш-чаралардын жылдык «календары» ондогон ар түрдүү иш-чараларды камтыйт – эларалык, республикалык, аймактыктан тартып, шаардык жана мекемелер арасындагы иш-чаралар. Ар бир окуу жайында, жаштыгына карабай бир топ сценалык жана көргөзмөлүк тажрыйбасы бар, ондогон лауреаттар, сынактар жана фестивалдардын жүздөгөн катышуучулары окугандыгы таң калаарлык эмес. Алардын көбүн, жетиштүү деңгээлдеги профессионалдык жетилгендик айырмалап турат.

### 2.5. Жогорку кесиптик билим берүү

Кыргызстан 1991-жылы эгемендүүлүккө ээ болгондон бери жогорку билим берүү жаатында өзүнүн саясатын жүзөөгө ашыра баштады. Ал саясат заманбап жашоонун сапаттуу деңгээлине жана жеткиликтүүлүккө, окутуунун маңызын, формаларын жана методторун, уюштуруучулук ишмердигинин негиздерин жаңылоого жана өлкөнүн интеллектуалдык потенциалын көбөйтүүгө багытталган. Кыргызстан СССРден өнүккөн жогорку билим системасын мураска алган, бирок, ошону менен бирге, анын союзга жалпы болгон билим системасында болуусу, оң жана терс таасирлерин берди.

Бир жагынан, ал учурда кадрларды даярдоонун сапаты жогору болгон жана ушул убакытта, бул адистер Кыргызстандын заманбап көркөм өнөр окутуусунун кадрдык негизин түзүшөт. Ошол эле убакытта, кадрларды даярдоонун көпчүлүк бөлүгү жалпы-союздук керектөөлөргө жана пландарга багытталгандыктан, борборлоштурулган окуу программаларын жана окуу китептерин иштеп чыгуу, окуу процессинин унификациясына алып келди. Бул Кыргызстандын жана анын аймактарынын этнографиясын, маданиятын жана тарыхын үйрөнүүнүн

мүмкүнчүлүктөрүн чектеди. Мындай жагдайлардын баары, билим берүү системасын кылдаттык менен анализдөөнү жана жаңыртууну талап кылды.

Эгемендүү Кыргызстандагы жогорку билим берүүнү реформалоонун бирден-бир багыты болуп - мамлекеттик монополияны азайтуу жана билим берүүнүн көп жактыгын жана окуу программаларынын диверсификациясын, башкаруу формаларын өркүндөтүүнү жана демократизациялоону камсыздоо саналат. Кыргыз Республикасынын «Жогорку билим жөнүндөгү» мыйзамында, жогорку окуу жайлардын илимий жана чыгармачылык ишмердигинин программаларын өз алдынча иштеп чыгуу жана киргизүү боюнча укугу жана институттарды, колледждерди, техникумдарды, факультеттерди, бөлумдөрдү жана филиалдарды түзүү аркылуу, организациялык структурасын бекемдөө мүмкүндүгү каралган.

2009-жылдын сентябрь айында 233605 студент Кыргызстандын 54 жогорку окуу жайларында, алардын ичинде 32 мамлекеттик жана 20 мамлекеттик эмес жогорку окуу жайларында башташты. Мындан сырткары, 1991-жылга карата болгон жогорку окуу жайлардан башка, 1992-жылы Ош мамлекеттик универститети, 1993-жылы Каракол жана Жалал-Абад мамлекеттик университеттери, 1996-ж. Нарын мамлекеттик университети, 2000-жылы Баткен жана Талас мамлекеттик университеттери ачылган. Эларалык кызматташтыктын алкагында Кыргыз-Орус Славян университети (КОСУ, 1996-ж.), «Манас» Кыргыз-Түрк университети (1996-ж.), Борбордук Азиядагы Америкалык университети (1997-ж.) жана башкалар ачылган. Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети (КМКТАУ), Кыргыз улуттук консерваториясы (КУК), Т.Сыдыков атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук көркөм Академиясы кайрадан ишке кирищти.

Көркөм өнөр окутуу жаатында профессионалдык кадрларды жана педагогдорду даярдоо Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети (сүрөт искусствосу, архитектура), Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство институту (музыкалдык искусство, арт-менеджмент, телевидение, киноискусство), Кыргыз-Орус Славян университети (көркөм дизайн), Улуттук көркөм Академиясы (сүрөт искусствосу), Кыргыз улуттук консерваториясы (музыкалдык аткаруучулук, композитордук искусствосу жана музыкалдык педагогика) жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекттик университети (музыкалык педагогика жана сүрөт искусствосуна окутуу) тарабынан ишке ашырылат.

Көркөм өнөр жаатында билим берүү профилдик эмес жогорку окуу жайларынын бир тобунда чоң маниге ээ, мисалы, Б.Ельцин атыдагы КОСУнин 1-2 курстарынын

баардык студенттери милдеттүү түрдө эстетикалык өнүгүү сабактарына (бий, музыка, хордо ырдоо ж.у.с.) катышышат.

Т.Сыдыков атындагы Кыргыз улуттук көркөм Академиясы жана Кыргыз улуттук консерваториясы үзгүлтүксүз көркөм өнөр окутуу системасын иштеп чыгышкан. Бул үзгүлтүксүз окуу системасында билим берүү балдар үчүн искусство мектептеринен (же балдар музыкалык мектептер) баштап, көркөм колледж аркылуу (же музыкалдык училище) жогорку окуу жайдагы жана жогорку окуу жайынан кийинки окуутуу жүргүзүлөт. Көп жаш таланттар бул мүмкүнчүлүктү эчак эле пайдаланып, баскычтан баскычка, негизги кесип боюнча педагогдорун алмаштырбастан өтүп келе жатышат. Бул сүрөтчүнү же музыкантты даярдоодо бир кыйла мааниге ээ. Мындан сырткары, Ош шаарында Кыргыз улуттук консерваториясынын Түштүктөгү филиалы иштейт.

Кээ бир адистердин айтымында, «өлкөдөгү жогорку билим учурдун талаптарына жооп бербейт, анткени анын сапаты төмөн: жогорку окуу жайлардын саны көп, бирок, жакшы адистер аз» (Анара Мусабаева). Эксперттин айтымына карата, натыйжада «билимдин массовизациясында анын эмгек рыногу менен болгон байланышына караштуу көйгөйлөр бар, билим алуудан алынган пайда минималдуу». Бул көз караш чындыктан алыс эмес, бирок, буга салыштырганда, профессионалдык көркөм өнөр окутуу дагы оңдуу көрүнөт. Көркөм өнөр окутуунун комплекстүү жана системалык түзүлүшү Кыргызстандын улуттук көркөм өнөр маданиятынын өнүгүү стратегиясы менен байланышкан.

Жогорку билимдин массовизацияланышы анын «дааналыгына», маданият жана искусство тармагында билимдүү кадрлардын баалуулугуна таасир эткен жок. Бул көп сандагы көрүнүктүү музыканттар, сүрөтчүлөр, режиссерлор, бийчилер- республикалык жана эларалык конкурстардын лауреаттары, «XXI-кылымдын кадрлары», «Алтын шаты», «Прелюдия» президенттик программаларынын стипендианттарын жаратты. Бирок, бул профессиялардын кадыры түшүп жатканы өкүнөөрлүк. Адистерди даярдоо процессинде көркөм өнөр окутуу жаатында иштеп жаткан жогорку окуу жайлары, объективдүү жана субъективдүү мүнөзгө ээ кыйынчылыктарга дуушар болууда:

- Өлкөдө профессионалдык көркөм өнөр окутуунун жалпы өнүктүрүү концепциясынын жоктугу;
- Музыкалдык инструменттердин, чыгаша материалдардын, окуутууга байланыштуу методологиялык камсыздоонун (фильмотекалар, китепкана ж.б.) пландаштырылган бюджеттик камсыздандыруунун жоктугу;
- Билим берүү жайларын каржылоонун жетишсиздиги;

- Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуудагы көйгөйлөр;
- Профессионалдык атайын адабияттын чыгарылышынын кескин кыскартылуусу;
- Окуу курстарынын программаларынын начар камсыздалышы.

Профессионалдык жогорку көркөм өнөр окутуунун деңгээли, көпчүлүк учурда, башталгыч жана орто баскычтардын социалдык жактан канчалык денгээлде корголушуна байланыштуу. Профессионалдык билим берүүнүн үзгүлтүксүз системасы, эми башталгыч музыкалдык жана көркөм өнөр окутуу мектептерине келген кадрларга талаптарын коюууда. Экинчи маанилүү маселе, орто кесиптик билим берүүгө байланыштуу. Эң биринчиси, экономикалык себептерге байланыштуу, айрым кесиптиктердин курч дефицити байкалууда. Музыкалдык инструменттер, боектор, боз кендирлер жана концерттик кийимдер жаш таланттардын ата-энелеринин кирешелерине ылайык келбейт.

Көркөм өнөр окутууну оптимизациялоо аспирантурада жаңы окутуу жана илимий багытты ачууга жана андан аркы диссертациялык изилдөөлөрдү даярдоого жана жактоого, окутуучулардын профессионалдык конкурстарга катышуусуна, активдүү концерттик, көргөзмөлүк жана гастролдук ишти орундатууга түрткү берет. Бул албетте, педагогикалык жана чыгармачылык чеберчиликти тереңдетүүгө жардам берет.

Учурда Кыргызстандын чыгармачыл окуу жайларында, дүйнөлүк билим берүүнүн моделдерин жергиликтүү шарттарга интеграциялоо иштери жүрүп жатат. Алар академиялык алмашуулар, чебер-класстар (мастер-класс), гранттарды өздөштүрүү ж.б. түрүндө өтүүдө. Бирок, өлкөнүн чыгармачыл окуу жайлары окутуунун Болондук системасына өтүүгө шашылышпайт, анткени, ал өзүн чет жерде актаган жок, мисалга алганда, Кыргызстанга окуусун улантуу үчүн ондогон таланттар Казахстандан келишет. Биздин өлкөдөгу учурдагы социалдык жана экономикалык кризисти жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн башталышы катары карасак болот. Дүйнөлүк коомчулукта татыктуу оорунду ээлөө  үчүн, кандайдыр бир өлчөмдөгү амбиция менен инновациялык программаларды жана көркөм өнөр окутуу формаларын киргизүүгө аракет кылуу керектелет.

# 3. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КОШУМЧА КӨРКӨМ ӨНӨР ОКУТУУ ЖАНА XXI-КЫЛЫМДЫН ЧАКЫРЫКТАРЫ

Кыргызстандагы мамлекеттик билим берүү стандарттарынан тышкары, «Билим берүү тууралуу» (1, 11, 12, 17 беренелери) Мыйзамына ылайык, баардык баскычтарда маданият жана искусство жаатындагы кошумча билим берүү программалары орун алат. «Билим берүү тууралуу» Мыйзамынын «Балдарга, өспүрүмдөргө жана жаштарга кошумча билим берүү» боюнча 17-беренеде: «Балдарга, өспүрүмдөргө жана жаштарга кошумча билим берүү мектептен тышкаркы, мектепке чейинки окутуу мекемелеринде, мектептерде жана башка кошумча билим берүү мекемелеринде жүзөөгө ашырылат, ал инсандын таанып билүүгө жана чыгармачылыкка болгон мотивациясынын өнүгүүсүн, кошумча билим программалардын жана тейлөөлөрдүн инсандын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн жүзөгө ашырылышын камсыз кылат жана ыктыярдык негизде жүзөөгө ашырылат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн белгиленген тартибине ылайык, мамлекет балдарга, өспүрүмдөргө жана жаштарга кошумча билим берүү алып барган мамлекеттик билим берүү мекемелерин каржылоосун камсыз кылат».

2000-жылдан тартып формалдык эмес билим берүү системасы ыкчамдуу түрдө түзүлө баштады жана азыркы убакытта, ал ар түркун мамлекеттик эмес мекемелер тарбынан сунушталган, кесиптик, жарым-кесиптик курстар жана жарандык окутуу курстары аркылуу жүзөгө ашырылган билим берүү кызматтарынын системасын көрсөтөт.

Учурда Кыргызстанда кошумча көркөм өнөр окутуу (мектептен тышкаркы) бир канча курактык баскычтарда ишке ашырылат: мектепке чейинки (мектепке чейинки жаштагы балдарга), мектептен тышкаркы (мектеп жашындагы балдарга жана өспүрүмдөргө), ошондой эле, жаштарга жана чоңдорго.

## 3.1. Мектептен тышкаркы көркөм өнөр окутуу

Кыргызстанда мектеп программаларынан жана мектептен тышкаркы сабактардан тышкары, кошумча (мектептен тышкаркы) билим берүү системасы бар. Ал мектептердин алкагында же мектептен тышкаркы – атайын муниципалдык жана айылдык билим берүү мекемелеринде жүзөгө ашырылат. 2009-жылдын башына карата республикада жалпысынан 79 795 баланы камтыган 133 мектептен тышкаркы

мекемелер иштейт жана ал республиканын окуучуларынын жалпы санынын 7,8% гана түзөт.

2007-жылга салыштырмалуу (177) мектептен тышкаркы билим берүү мекемелеринин саны, жергиликтүү бюджеттин дефицитине байланыштуу кыскарды. 1990-жылдардын башталышы менен салыштырганда, кыскартуу андан да ачыгыраак болгон, мисалга алганда, балдар музыкалык мектебинин саны жүз болсо, азыркы учурда алардын саны 23 (учурда: 12-региондордо, 11-Бишкек шаарында) чейин кыскарган. Бирок, жок болуп кеткендердин ордуна, башка түрдөгү мекемелер пайда болду. Аларга толугу менен же жарым-жартылай төлөнгөн мектептен тышкаркы кошумча билим берүү мекемелери кирет. Бул мекемелер окуучуларга оригиналдуу программаларды сунуштайт. Заманбап мектептен тышкаркы билим берүү мекемелери балдарга жана өспүрүмдөргө көркөм -эстетикалык тажрыйбаларды уюштуруунун түрдүү формаларын сунуш кылышат:

- Балдардын жана  өспүрүмдөрдүн эстетикалык тарбиялоо борбору (искусство түрлөрү боюнча);
- Балдар көркөм өнөр чыгармачылык борбору (искусство түрлөрү боюнча);
- Кызыкчылыктарын жараша балдар клубу (өспүрүмдөр);
- Балдар студиясы (искусство түрлөрү боюнча);
- Балдар музыкалык мектеби;
- Музей (балдар чыгармачылыгы);
- Балдардарга/ өспүрүмдөргө билим берүү жана чыңдоо лагери;
- Балдар/өспүрүмдөр театры

Ошондой эле, ансамбль, группа, секция, ийрим ж.б.

Бүгүнкү күндө республика боюнча мектептен тышкаркы билим берүүнүн кызматтарын төмөнкү мектептен тышкаркы мекемелер көрсөтөт: Балдар билим берүү борборлору (БББ), Балдар чыгармачылыгын борборлору (БЧБ), Балдар жана өспүрүмдөр чыгармачылыгынын борборлору (БОЧБ), Республикалык балдардын жана өспүрүмдөрдүн экология,  чөйрө таануу жана туризм борбору (РБОЭЧТБ).

Психологиялык жана педагогикалык изилдөөлөр, чыгармачыл системалык ой жүгүртүүнүн элементтеринин калыптануусу, инсандын өсүшүнүн алгачкы этабында мүмкүн экендигин тастыктайт. Ал үчүн төмөнкүлөр керектелет:

- Педагогдордун, окуучулардын жана алардын ата-энелеринин психологиялык ийкемидүүлүгүнүн, өз ара түшүнүүсүнүн, чыгармачылык атмосферасын түзүү;

- Жаңы кылым - XXI-кылымга кирүүчү жаңы муундар үчүн чычгармачылык ишинин приоритеттуу багыттары боюнча чыгармачылык программаларын жүзөгө ашырылышын камсыз кылуу;
- Мектептин, үй-бүлөнүн жана микросоциалдык чөйрөнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, окуучулардын инсандык жана таанып-билүү өнүгүүсүнө мониторинг жүргүзүү үчүн маалымат базасын түзүү.

Балдарга жана өспүрүмдөргө, мындан ары керектүү болгон искусствонун кандайдыр бир түрүн ийгиликтүү үйрөнүүсүнө же инсандын интеллектуалдык өнүгүүсүнүн негизин түзүүчү, көркөм өнөр ыктарды өздөштүрүү сунуш кылынат. Балдардын искусство жана чыгармачылык мектептери, балдарды музыканын, бийдин, ырдоонун, сүрөтчүлүктүн жана декоративдик-жасалгалоо искусствосун үйрөтүүгө багытталган, ал эми ар түрдүү секциялар, балдар жана өспүрүмдөр үчүн көркөм өнөр жана эстетикалык борборлордо сунуш кылынат. Мисалы үчүн, Республикалык балдардын жана өспүрүмдөрдүн экология, чөйрө таануу жана туризм борборунда балдарды тарбиялоонун индивидуалдык концепциясы түзүлгөн. Ал борбордун ишмердиги, балдардын айлана-чөйрөгө болгон гумандуу мамилесин тарбиялоого жана Мекенди сүйүүгө багытталган. Мындай усулдук система айрым баалуулуктардын түшүнүгүн жана балдардын сулуулукка жана гармонияга болгон түшүнүгүн тарбиялайт.

«Таберик» балдар музыкалык театрында балдар бекитилген программалар боюнча хореография, хор жана вокалдын комплекстүү сабактарын гана өздөштүрбөстөн, ага кошумча, адеп-ахлактуулук, адамдын укуктары, экология жана саламаттыктуу туура жашоо боюнча маалымат алуу деңгээлин жогорулатышат. Ошондой эле, Бишкек шаарында «Сейтек» Республикалык балдар жана өспүрүмдөр чыгармачылык борбору жана «Балажан» Республикалык эстетикалык тарбия берүү окуу-усулдук борбору иш алып барат жана андагы ийримдердин саны 100 ашуун.

Бишкек шаарына караштуу Ленин, Октябрь, Биринчи Май жана Свердлов райондорунун балдар чыгармачылык борборлору жана шаардын мэриясына караштуу Борбор, көркөм студиялар, бий студиялары ийгиликтүү иштешип, ал жерден балдар эстетикалык тарбия алышып, индивидуалдык чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн жогорулатышып жана эң жакынкы социумдарда өздөрүн көрсөтө билгенди үйрөнүшөт. Көркөм өнөр окутуу жана эстетикалык билим берүү системасында чет элдик тажрыйбанын инновациялык элементтери изилденүүдө жана киргизилүүдө. Маселен, жарды үй-бүлөнүн балдары үчүн эки SOS Балдар кыштагын түзүү боюнча эларалык долбоор жүзөгө ашырылууда (SOS-KINDERDORF INTERNATIONAL).

Билим берүү жана илим Министрлигинин маалыматы боюнча (Министерствонун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө болгон «Мектептен тышкаркы жана мектептепке чейинки билим берүү мекемелеринин абалы жана өнүгүүсү тууралуу» отчету, 2009-ж. июль айы), практикалык чебердиктерди үйрөтүү ийримдери - кийимди моделдөө жана конструкциялоо, элдик кол буюмдарын жасоо, фолклордук жана этнографиялык ийримдер, өзүн өзү коргоо ыгын берүүчү спорттук секциялар, ошондой эле, өз тагдырын өзү чечүүгө түрткү болгон ийгиликтерди алып келүүчү секциялар - чет тил, менеджмент жана информатика эң чоң популярдуулукка ээ. Акыркы учурда хореография, бий, музыка жана сүрөт ийримдерине/секцияларына катышкан балдардын саны көбөйүүдө. Мындай группалардагы сабактардын баасы айына 200 сомдон (4 USD) 3000 мин сомго (70 USD) чейин айырмаланат.

Заманбап билим берүүнүн эң маанилүү көйгөйү болуп креативдүүлүктүн өнүгүүсү, «чыгармачылыктуу болуу» саналат, анткени ал, учурда мобилдүүлүктүн, ийгиликтүүлүктүн жана атаандаштыкка болгон жөндөмдүүлүктүн көрсөткүчү катары кабыл алынат. Чыгармачылыктагы оңдуу тажрыйбанын жоктугу, инсандын өнүгүүсүнүн нормалдуу процессин бузат жана бул, инсандык кризистерге жана коомго каршы жүрүм-турумга же аракеттерге алып келет. Көркөм өнөр чыгармачылык сабактарынын «саламаттыкты сактоо» мүнөзү да айкын. Алар көптөн бери жана күчтүү терапевдик каражат катары ийгиликтүү колдонулуп келет жана жагымдуу профилактикалык таасир этүүсүнө кепилдик берет. Билим берүү мекемелеринде (кошумча көркөм өнөр окутуу) чыгармачылык татыктуу же башкы оорунду ээлеген учурда, окугандардын эмоционалдык тонусу көтөрүлүп, окуу процессине болгон мамиле жакшырып, невротизация, кооптонуу жана алсыроо төмөндөйт.

Көркөм өнөр окутуу боюнча заманбап мектептен тышкаркы билим берүү мекемелеринин алдында оор маселелер турат: ал бир эле учурда зээндүү балдардын элитардык билим алуусуна багытталып, маданияттын кандайдыр бир сферасында профессионалдардын келип чыгуусуна багытталган, ошол эле учурда, ал социалдык функциясын аткарууга тийиш - бардык каалочуларды көркөм өнөр окутууга көндүрүү, мамлекеттик саясаттын бири болгон баланын көркөм өнөр билим алууга болгон укугун жүзөгө ашыруу. Мындан сырткары, көркөм өнөр окутуу мекемелери рыноктун активдүү катышуучулары болууга тийиш – менеджмент жана маркетингтин заманбап технологияларына негизделген кызматтарды сунуштоо жана ишке ашыруу. Жыйынтыгында, өзүн өзү өркүндөтүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон тартып алгыс касиети бар билим берүү системасын түзүү керек.

Балдардын жана өспүрүмдөрдүн искусство мектептери жана борборлору заманбап экономикалык жана социалдык шарттарда атаандаштык жөндөмүнө ээ болгулары келсе, алар өздөрүнүн жоболорунда, кандай жыйынтыктарга жетүүгө аракет кылгандарын, аларга жетүүнүн жолдорун, балдар менен ата-энелердин, коомдун жана улуттук маданияттын керектөөлөрүнүн ортосундагы балансын так көрсөтүүлөрү абзел жана окуу-тарбия процессинин жакшы салттарын сактап өнүктүрүүлөрү керек. Мына ушуларга ылайык билим берүү ишмердүүлүгүнүн жакшыртуусу ишке ашырылат жана сөзсүз түрдө, төмөнкү шарттарды камтыйт:

- Билим берүү системасынын вариативдүүлүгүн өнүктүрүү;
- Көркөм окутуудагы практикалык жана ишмердүүлүк ыкмаларын өнүктүрүү;
- Мектептен тышкаркы көркөм окутуу мекемелерин XXI-кылымда жаңы муундарынын өзгөчө тарбиялык чөйрөсү катары өнүктүрүү.

### 3.2. Чоңдорго көркөм өнөр жаатында билим берүү

Маалыматтын ыкчамдуу түрдө эскириши, жаңы технологиялардын пайда болушу жана экономикалык системанын реформасы, алынган билимдин «өмүр бою» колдонулушуна мүмкүндүк бербейт жана билимдин, ыктардын жана жөндөмдөрдүн көбөйтүлүшү жана жаңыртылышы, кишинин чыгармачылык активдүүлүгүн өмүр бою өстүрүү керектигин күн мурунтан белгиледи. Ар бир адам жаңы билимге ээ болуу менен бирге, ар кайсы тармакта өз чеберчилигин жакшыртат, өзүнүн инсандык өнүгүүсүн жана өз мыктылыгын жогорулатат жана ушуну менен бирге, коомдун өнүгүүсүнө жардам берет.

Чоңдорго билим берүүнүн өсүп келе жаткан маанилүүлүгү – көпчүлүк тарабынан кабыл алынган факт. Социалдык божомолдоолорго көрө, кийинки жүз жылдыкта ага өзгөчө маанилүү роль белгиленет. Гамбургда (1997-ж.) өткөн 5-чи Эларалык конференцияда, чоңдорго билим берүү «XXI-кылымга кирүүнүн ачкычы» деп аталган, анткени, билим берүүнүн салттык системасынын алкагында алынган базалык билим, принципиалдуу түрдө, адамды ар кандай социалдык ролдорду эффективдүү аткарууда керек болгон билим, ыктар, жөндөмдөр жана сапаттар менен өмүр бою камсыз кыла албайт.

Шексиз түрдө, базар мамилелери билим берүү системасынына, адистердин рыногундагы талап жана сунуштоолорду эске алуу менен, өзүн өзү уюштуруусуна алып келет. Бирок, жалпысынан алганда, мамлекеттин жана коомдун кызыкчылыгы үчүн жана ошол эле учурда, коомдун керектөөлөрүн эффективдүү түрдө канааттандыруу

максатында, адистерди даярдоо аныкталган ырааттуулукту, системалыкты жана сапатты талап кылат. Кыргыз билим берүү академиясына караштуу жогорку жана үзгүлтүксүз билим берүү көйгөйлөрү боюнча борборунун маалыматы боюнча, Кыргызстанда кабыл алынган үзгүлтүксүз билим берүү концепциясы, өлкөнүн социалдык, экономикалык жана маданий өнүгүүсүнүн негизги багыттарындагы көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган. Чоңдорду окутуу, мурунку даярдыктын кемчиликтерин чечүүгө же болбосо, жаңы социалдык жана профессионалдык талаптарга байланыштуу алынган билимди толуктоого багытталган.

Үзгүлтүксүз билим берүү системасы өлкө калкынын улуу кишилеринин көп бөлүгүн камтып бара жатат жана ага арналган мекемелердин түйүнүн, ар түрдүү окуу программаларын жана мамлекет жана коомдук уюмдар тарабынан жардам көрсөткөн башкаруу структураларын камтыйт. Жаштардын көп бөлүгү «экинчи», жада калса «үчүнчү» жогорку билим алууда жана улуу кишилердин кээ бир бөлүгү болсо бош убактысында окуу менен алектенүүдө.

Бирок, сунушталган окуу программаларынын аз бөлүгү чыгармачылыктын түрлөрү, искусство жана маданият менен байланыштуу. Буларга, мисалы, Кыргыз улуттук консерваториясындагы (чоңдор үчүн музыкалык билим берүү) квалификацияны жогорулатуу факультети жана ассисентура-тренинг, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясындагы аспирантура (маданият таануу), Т.Сыдыков атындагы Кыргызстандын Улуттук көркөм сүрөт академиясындагы искусство аспирантурасы кирет. Акыркы учурда чоңдорго көркөм өнөрдүн кээ бир түрлөрүн үйрөтүүчү уюмдар - бий студиялары жана кол- өнөрчүлүк искусствосунун түрлөрүн үйрөтүүчү - батик басма, кийиз менен иштөө, саймалоо, курак куроо, чий менен иштөө студиялары пайда болду.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамынын 24-беренеси чоңдорго кошумча билим берүү түшүнүгүн киргизди. Ушуну менен бирге, акыркы күндөрү, чоңдорго билим берүү системасынын айрым аспектилерин («Билим берүү жөнүндөгү» моделдик мыйзам, 1.3, 3.3-беренелери) жөнгө салуучу КМШнын мамлекеттер аралык моделдик мыйзамдары пайда болгонун белгилеп кетмек керек.

Учурда чоңдорго билим берүүдө бирдиктуу мамлекеттик саясаттын, башкаруучулук жана координациялоочу структуранын жоктугу, педагогикалык тарабынын начар иштелип чыгарылышын белгилесе болот. Чоңдорго билим берүүнүн болгон формалары ар башка уюшкандык жана административдик баш ийүүчүлүктө туруп, бири-биринен обочолонгон. Чоңдорду окутуунун көйгөйлөрү жана суроолору массалык маалымат каражаттары тарабынан начар билдирилип жатат.

«Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына чоңдорго билим берүүгө тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө документтердин пакети даярдалып 2009-жылы жиберилген.

Ошол эле учурда, чоңдорго билим берүү системасынын өнүгүүсү, коомдо болуп жаткан XXI-кылымдын башындагы трансформациялык процесстер менен тыгыз байланышта. Аларды бир катар көрүнүштөрдөн байкаса болот:

– Билим берүү жаатындагы демилгелердин келип чыгышы калктын социалдык жактан корголбогон катмарына чыңалган абалды жоюууга жана туруктуулукту сактоого жардам берет;
– Социалдык кызматташтыкка негизделген, регионалдык деңгээлдеги демилгелүүлүк долбоорлордун пайда болушу (билим берүү мекемелери, мамлекеттик эмес уюмдар, бизнес-структуралар, башкаруу органдары);
– Чоңдор үчүн ар түрдүү багыттагы жана мазмуундагы курстардын санынын көбөйүшү.

Жалпысынан алганда Кыргызстандагы чоңдорго билим берүү системасы түзүлүү стадиясында болуп, бир катар карама каршылыктар менен мүнөздөлөт:

– Чоңдорго билим берүү теориясы өнүкпөй, чоңдорду окутуу практикасы начар өнүгүүдө;
– Атаандаштыктын катаал шарттарында чоңдорго билим берүү мекемелери билим берүүдөгү кызматтарынын мазмунун/контентин тез өнүктүрүүдө, бирок, бул канааттандыраарлык эмес жана сапатсыз окутуу менен коштолуп, чоңдорго билим берүү идеясына жана имиджине зыян келтирүүдө;
– Чоңдорго билим берүү мобилдүүлүктү жана ийкемдүүлүктү көргөзүүнү талап кылат, бирок, ал практикада формалдуу билим берүүгө багытталган нормативдик жана укуктук базасы тарабынан акырындатылып жатат. Көп учурда, жогорку билим алуу системасынын методтору, формалары, технологиялары жана квалификацияны жогорулатуу системасы формалдык эмес окутуу чөйрөсүнө жылдырылып жатат;
– Чоңдорго үзгүлтүксүз билим берүү системасы учурда негизинен формалдык окутуу түрүндө көрсөтүлүүдө.

Кыргызстанда чоңдорго көркөм өнөр билим берүү системасын өнүктүрүү үчүн негизги компетенцияларды өнүктүрүү жана мобилдүүлүккө умтулуу сыяктуу чоңдорго билим беруу системасынын өзгөчөлүктөрүн эске алган туура болот. Бул өзгөчөлүктөр

инсандын мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүдө ийгиликке жетишкенге жана профессионалдык жамаатка кошулганга мүмкүнчүлүк берет.

### 3.3. Этнопедагогика

Акыркы жылдарда көркөм өнөр окутуунун башкы каражаты болуп, байыркы көчмөндөрдүн чоң философиялык, эстетикалык жана этикалык потенциалын алып жүргөн салттык искусствосу (музыкалдык, жомокчулук, оозеки аткаруучулук, декоративдик-жасалгалоо искусствосу) саналат. Салттык искусствону үйрөнүү формалдык жана формалдык эмес көркөм окутуунун этнопедагогизациясы аркылуу ишке ашырылат. Бул жагдайда этнопедагогизациялоону - окутуунун мыкты салттарын жана элдик маданияттын тарбиясын заманбап педагогикалык илимдердин ийгиликтери жана бүгүнкү технологиялар менен бирге колдонуунун интеграциясынын уюштурулган процессин санаса болот.

Анын үстүнө, этнопедагогика глобализация процессинде келип чыккан - маданиятты унификациялоо жана улуттук маданиятты массалык маданият менен алмаштыруу сыяктуу көйгөйлөрдү чечүүчү потенциалдык инструмент болуп саналат. Этнопедагогиканын моноэтникалык багыты улуттук бүтүндүүлүктү сактоодо маанилүү ролду ойноору, ал эми полиэтникалык багыты, улуттар арасындагы келишпестиктерди чечүүнүн жана толеранттуулукка үйрөтүүнүн куралы катары каралат.

Салттык искусствонун бүтүндүк, коллективдүүлүк, орун басуучулук, жаратылыш менен айкалышкандык, жаратылышка ылайыктуулук жана синкретичтүүлүк сыяктуу принциптери кийинки муундарга улуттун маданиятын анын салттарына туура келе тургандай үйрөнүүгө мүмкүндүк берет. Салттык искусство руханий байлыкты өздөштүрүүгө, социалдык жана маданий чөйрө менен биригүүгө жардам берет жана глобализациянын терс таасирлерине туруштук берүүгө үйрөтөт. Этнопедагогизация уч өз ара аракеттешүүчү курамдык бөлүктөн турат: 1) улуттун маданиятын жана искусствосун үйрөнүү; 2) балдардын жеке жана жаш өзгөчөлүктөрүн, алардын керектөөлөрүн жана кызыкчылыктарын эсепке алуу; 3) балдардын чыгармачылык менен алектенүүсу жана аларга өз шыктарын көрсөтүү үчүн шарттарды түзүү.

Кыргызстандагы жалпы билим билим берүүчү мектептердин көбүнчөсүнүн программасына этнопедагогикалык «Музыка» элементи киргизилген, кыргыздын салттык музыкалык инструментеринин жана улуттук майрамдык кийимдердин коллекциясы бар. Андан сырткары, мектептерде, орто кесиптик жана жогорку окуу

жайларында кайсыл бир көркөм өнөр маданиятты, эң биринчиден, титулдуу улуттун маданиятын чагылдырган музыкалык жана бий коллективдери иш алып барат жана декоративдик жана колдонмо чеберчилигинин секциялары ачылган. Мындан сырткары, маданият мурасы - жогорку окуу жайлардын студенттерин даярдоо программалары киргизилген.

1990-2000-жылдарда этнопедагогиканын негизинде түзүлгөн жана кылымдар бою билимди жана чебердикти «устаттан шакиртке» өткөрүп берүү жолун колдонгон коомдук фондтор жана билим берүү мекемелери ачылган.

Бүгүн, улуттук бирдейликти тегиздеп жок кылуунун глобалдуу аракеттери жүрүп жаткан учурда, этнопедагогиканын негизинде топтолгон билим заманбап коомчулук тарабынан талап кылынбаса, жазылып калбаса же катталбаса, мындай билим, талап кылынбастан кала бериши мүмкүн. Мындай жагдай муундар арасындагы маалымат агымынын үзгүлтүксүздүгүн бузат. Улуттук педагогиканын байыртадан бери ишенип келген инсанга батытталган ыкмасы, коомдун жана мамлекеттин аракеттери менен бүгүн кайра жаралууда. Бул ыкма,  маданиятты ташып жүрүүчү инсанды тарбиялоого мүмкүндүк берет. Мындай инсандын маданиятты кайра жаратууга, аны өнүктүрүүгө жана кийинки муундарга өткөрүп берүүгө жөндөму бар болот жана муну менен ал өзүнүн чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрүн толугу менен жүзөгө ашыра алат.

## 4. ПРАКТИКАЛЫК МИСАЛДАР

**Кириш сөз**

Докладтын бул бөлүмү көркөм өнөр окутуунун формалдык жана формалдык эмес уюштуруунун практикалык мисалдарын көрсөтүп, бир канча түзүмдөлбөгөн көркөм өнөр жаатындагы стандарттык эмес чечимдерди киргизген мисалдарды камтыйт. Бөлүмдө Кыргызстандагы формалдык (негизги) жана формалдык эмес (кошумча) көркөм өнөр окутуу мандаты бар билим берүү мекемелери тарабынан жүзөгө ашырылган бир канча ийгиликтүү долбоорлор көрсөтүлгөн. Долбоорлордун  ар түрдүү өздөрүнө айыт тарыхы, фокустук группалары, максаттары, каражаты жана усулдугу бар. Бирок, биз кийинчерээк, алардын баарында көркөм өнөр окутуу же болбосо анын элементтери XXI-к. жаңы социалдык, маданий, экономикалык жана техногендик өзгөчөлүктөрүнө күбө болгон балдардын, жаштардын жана чоңдордун чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү фактору болгонун көрө алабыз.

Көркөм өнөр окутуу системасында балдар жана өспүрүмдөр жана алардын ичинде, ден-соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүктөрү чектелгендер ар тараптуу эстетикалык тарбия алышып, өздөрүнүн инсандык чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүп жатышат жана коомдо өздөрүн көрсөтө алышат. Акыркы эки он жылдыктын маанилүү багыты болуп титулдуу улуттун маданий жана улуттук аң сезимдүүлүгүнүн кайра жаралуусу саналат. Мына ушуга байланыштуу, акыркы жылдарда улуттук жасалма - колдонмо жана эл чыгармачылыгына (фолклордук жана этнографикалык ийримдер) жана кыргыздын салттык инструменттерине (фолклордук ансамблдер) болгон кызыгуу артууда.

Ошол эле учурда, бул мисалдардын тобу жана башка мисалдар, көркөм окутуу, анын ичинде, өзгөчө чоңдор контингентинде, дагы эле коомдун руханий өзөгү, анын туруктуулугунун жана коопсуздугунун бирден бир негизги бөлүгү боло элегин көрсөтөт.

## 4.1. ФОРМАЛДЫК КӨРКӨМ ӨНӨР ОКУТУУ

### 4.1.1. Мектептеги көркөм өнөр окутуу

**Бишкек шаардык №70 гимназия-комплекси**

№70 гимназия-комплекси – Кыргызстандын борборундагы эң мыкты орто билим берүү мекемелеринин бири. Бул жерде балдарды жана өспүрүмдөрдү жаңы социалдык жана маданий шарттарга даярдоого багытталган көркөм өнөр окутуунун жаңы ыкмалары иштелип чыгууда жана киргизилүүдө. Гимназияда бекитилген программанын алкагында сүрөт жана театралдык искусство боюнча кеңейтилген курс иштейт. 1994-жылы мектептин сүрөт ийрими (окутуучу Павел Ва-Ю-Цай) көркөм - өнөрчүлүк устаканага айландырылган. Ийримчилердин колдорунан жасалган сыйкырдуу костюмдар сюжет менен ойнотулуп, миниатюралар театрынын өзгөчөлүктөрүнө ээ боло баштады. Театралдык ийримдин жетекчиси Л.Очкина тажрыйбалуу кадрларды чакырган: Н.Коваленко жана Л.Глотовду (режиссерлор), И.Мухинаны (сценарист, режиссер), А.Фебенчук-Щеглованы (хореограф), Ю.Фебенчукту (музыкалдык жетекчи), Х.Исмаилованы (адабият бөлүмүнүн башчысы, сценарист), Г.Гапарованы (сценарист), О.Жигулеваны (Мамлекеттик Орус драма театрынын актрисасы, 2003-ж. бери ийримдин жетекчиси). Театр «Рампа» атына ээ болгон.

«Рампанын» популярдуулугу, гимназияда окутуу жана сахналаштыруу бөлүмдөрүнөн турган башка студиянын - «Адонис» балдар-экологиялык театрынын (жетекчиси Е.Шаповалова) ачылышына алып келди. Студиянын окуу класстарына 7-16 жаштагы балдар кабыл алынып, аларга психологиялык тренингдер, актерлук чебечилик жана көркөм ой-жүгүртүү, сахна тили, пластика, ритмика, жана вокал боюнча сабактар сунуш кылынат. Окууда ийгиликке жетишкен студиячы сахналаштыруу бөлүмүнө өткөрүлүп, спектаклдерди даярдоого катышат. Театрдын Жобосунда: «Мектеп театрынын ар дайым аудитория менен иштегенге мүмкүнчүлүгү бар, демек театрдын, мектептеги окуучулар коллективине пермаменттик таасир этүү жөндөму бар. Бул ышкыбоздор театрынын спектаклдеринин көркөм деңгээлине бир топ жогорку талаптарды коет» деп белгиленген. Ушул себептен улам «Адонис» театрынын Көркөм кеңеши түзүлгөн.

Спектаклдердин көпчүлүгү мюзикл жанрында коюлуп, анда олуттуу драматургиянын милдеттери таасирдүү аткаруу искусствонун түрлөрүнүн – музыкалык, драматикалык жана хореогрфиялык ыкмалары менен айкалышат. Жанрдын өзгөчөлүгү окуучуларды эстетикалык жактан тарбиялоо боюнча жалпы билим берүү мектептеринин милдеттери менен айкалышат: балдар аудиториясы терең турмуштук көйгөйлөрдү түшүнүүгө үйрөнүшөт, ошондой эле, классика жана искусствонун түрлөрү менен таанышышат. Окуучу-актерлордун чоңоюшу менен бирге А.Чеховдун, Ф.Достоевскийдин пьесалары боюнча оюндар коюла баштады, спектаклдер жана жомоктордун сюжеттери бар, бирок, жасалган иштин эрежеси бирдей, ал «бардыгын түшүнгөнгө аракет кыл, бардыгына үйрөн». Жаш актерлор сценарийге толуктоолорду киргизип, ырлардын тексттерин жазышып, костюмдарды жана жасалгаларды даярдашат. Ушинтип, театр өзүнүн башкы милдетин аткарат: баланын дүйнөнү таанып билүүгө жана баарлашуунун негиздерин үйрөнүүгө, сресстерден кутулууга жана чыгармачылык жөндөмүн ачууга жана өнүктүрүүгө көмөктөшөт.

2005-жылы №70 гимназиянын педагогдору «Ала-Тоо Симфониясы» музыкалык –коомдук фонду менен бирге «Руханияттын экологиясы-маданияттардын диалогу» аттуу долбоорун иштеп чыгышкан жана анын алкагында Балдар камералык оркестрин түзүүсү жана концерттик-оюдарды сахналаштыруу каралган. Бул долбоордун алкагында эки музыкалык спектакль коюлган – Т.Владимированын «Биринчи скрипка» жана Р.Маркованын «Жүрөктүн өртү тууралуу уламыш». Долбоордун катышуучулары Н.Рахмадиева и К.Касенов (режиссерлор), В.Агибалова (Балдар оркестринин көркөм жетекчиси), Г.Щекарева (хореограф), Ш.Жайлобаев (сүрөтчү), Ю.Фебенчук (музыкалык аранжирлөөчү).

Долбоорлордун жүзөгө ашырылышы, театрдык жана музыкалык искусствонун инсандын эң маанилүү сапаттарынын калыптануусуна болгон таасири баа жеткис болгонуна ишендирди. Искусство менен алектенүүнүн натыйжасында пайда болгон позитивдүү эмоциялар, физикалык турумга көзөмөл жүргүзүү жана кишиге жакындык жөндөмүн өнүктүрүү, бир гана аткаруунун сапатында эмес, балдардын психофизикалык абалына таасирин тийгизди. Жалпысынан алганда балдар эмоционалдык кыйынчылыктарды башкаларга караганда жеңилирек көтөрүшөт, тааныпбаган чөйрөгө бат көнүшөт, чоочун адамдын мотивациясын таанып билишет, дүйнөнү толугу менен көрүүгө жана дүйнөлүк маданияттын чыныгы баалуу көрүнүштөрүн түшүнүүгө үйрөнүшөт.

**Эскертуу.** №70 гимназиянын театрынын репертуарындагы мюзиклдер: Р.Роджерстин «Музыканын үндөрү», К.Вайлянын «Жылдыздардын арасында жок болгон», Ф.Лоунун «Менин татынакай айымым», Л.Бернстайндын «Вестсайддын окуясы», А.Чеховдун «Маараке», Ф.Сологубанын «Назик жүрөктүн аыйнан болгон кырсык» водевили, Ф.Достоевскийдин «Бир тууган Карамазовдор» романынан «Балдар» сценасы, У.Шекспирдин «Ромео жана Джульеттадан» үзүндүлөр, Н.Гоголдун «Өлүү жандар» сценасы, А.Пушкиндин кичине трагедияларынан «Моцарт жана Сальери», Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романынан үзүндүлөр, окуучулардын өздүк чыгармачылыгынын натыйжасында пайда болгон «Боёктордун падышачылыгы», «Жаңы Жылдагы жоготуу», «Витаминия өлкөсү», «Сыйкырдуу бал», «Үч аюу», «Аяз кызга каршы чыккынчылык» аттуу мюзиклдери, «Простоквашинодогу укмуштуу окуялар» (Э.Успенскийдин жомогунан), «Убакытты аралап» (Саратов ш. өткөн балдар экологиялык театрынын II Россиялык фестивалында көргөзүлгөн, Россия, 2001-ж.). «Жол эрежелери» жана «Өрт коопсуздугу жөнүндө» оюндары балдарды коопсуздукту сактоого үйрөтөт.

## Ысык-Көл областынын, Каракол шаарындагы Н.Пржевальский атындагы №2 жалпы билим берүү мектеби

Н.Пржевальский атындагы №2 орто мектепте (мектептин мүдүрү - Н.Ищенко) балдардын жана өспүрүмдөрдүн көркөм өнөр окутуусуна жана эстетикалык тарбиясына көп көңүл бөлүнөт жана ушундан улам, 2005-2006 жана 2006-2007-окуу жылдарында мектептин 2-3-класстары базасында «Жалпы билим берүү мектебиндеги музыка сабагында баланын креативдүүлүгүн өнүктүрүү» (жетекчиси Альмира Ахмедова) педагогикалык эксперименти жүргүзүлгөн. Эксперименттин максаты -

балдардын көркөм жана чыгармачыл шыктарын жана креативдүүлүгүн активизациялоо. Эксперимент төмөнкү шарттардын негизинде жүргүзүлгөн: музыка боюнча мугалим-кошумча сабактардын көркөмдүк максатын түшүнгөн чыгармачыл лидер, ал эми чыгармачыл шыктарын өнүктүрүүчү атайын тапшырмалар менен коштолгон окуучунун ышкыбооздукка болгон аракеттери - ар бир музыка сабагынын өзөгү болуп саналат.

Чыгармачылыкты өнүктүрүү тапшырмалары төмөнкүлөрдү камтыган: ритмопластика, үн графикасы, окшоштуктарды табуу (жаратылыш менен, репродукция менен, адабият, турмуштук кырдаалдар менен), табышмактар аркылуу шыктарды өнүктүрүү (табышмакты табуу жана ойлоп чыгаруу), музыкалык жана дидактикалык оюндар, музыкалык инструменттерде импровизациялоо, обондорду толуктап жазуу, ж.б. Эксперименттин алкагында анкеталоо жана диагностика жүргүзүлгөн, сабактар жумасына эки саат (класстык саатта) өткөрүлүп, төмөнкү компоненттер боюнча балдардын билиминин жана ыктарынын жогорулашына байкоо жүргүзүлгөн: музыкалык кабыл алуу, угуу жөндөмү, музыкада боюнча кабардарлык жана креативдүүлүктүн деңгээли, сабактардагы активдүүлук жана чыгармачыл тапшырмаларды аткаруу.

Бул эксперимент балдардын кубулуштардын жана буюмдардын айкын каситтерин байкоо жөндөмүн, чыгармачылык менен байланыштуу тапшырмалар аркылуу өнүктүрүү мүмкүн экендигин көрсөттү. Мындай тапшырмалар чыгармачыл атмосфераны түзүп, образдуу-ассоциативдик ой-жүгүртүүнү жана көркөмдөп кыялданууну өнүктүрөт. Жыйынтыгында эксперименттин «Атайын чыгармачылык тапшырмалардын системасында түзүлгөн музыка сабагы, балдардын креативдүүлүгүн өнүктүрүүгө түртку берет» гипотезасы тастыкталды. Эксперименттин жыйынтыктары боюнча тыянактар чыгарылып, практикалык сунуштар киргизилди.

**Академик А.А.Салиевдин автордук мектептери**

Кыргызстандагы мектептердин инновациялык усулдуктарды өнүктүрүүдөгү салымы тууралуу айта турган болсок, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги, философия илиминин доктору, эстетика, искусство теориясы, чыгармачылыктын жана кабыл алуунун психологиясы, ж.б. бир катар эмгектердин автору болгон А.А.Салиевдин илимий жана уюштуруу ишмердүүлүгүн атоо керек. Ал 1987-жылы Ысык-Кол областында (Тон жана Кереге-Таш) музыканы тереңдеп окута турган жана Кыргызстанда биринчи болуп, эстетикалык окутуунун

инновациялык программасын сынаган эки автордук мектептин түзүлүшүнүн демилгечиси.

Жалпы билим берүү мектептериндеги кеңейтилген музыкалык окутуунун концепциясынын негизине венгердик композитор жана педагог Золтан Кодаинин кээ бир жоболору алынган. Бул концепцияга ылайык, музыка сабагы, биринчиден, алдынкы мектептик дисциплиналардын катарына киргизилип, мектеп окуучуларынын бардык контингентине милдеттүү түрдө берилген; экинчиден, музыка сабагы бир гана дисциплинаны түзбөстөн, окуучулардын группаларда же болбосо индивидуалдуу түрдө үйрөнө турган дисциплиналардын комплексинен турат; үчүнчүдөн, музыка сабагы заманбап усулдуктардын негизинде ишке ашырылып, окуучулардын психологиялык маданиятын өнүктүрүүгө жана интеллектуалдык өнүгүүсүнүн жалпы деңгээлин жогорулатууга багытталган.

Автордук мектептерде музыка сабагы күнүгө өткөрүлөт (ырдоо, хор, музыканын элементардык теориясы, музыкалык адабият, музыкалык инструменттерде ойноо). Ар кандай убактарда мектепте алдыңкы музыканттар жана педагогдор иштешкен: хореографиялык театрдын тарыхчысы, д-р Р.Уразгильдеев, хормейстер А.Нурматов, гитарист Н.Джекшембаев, пианистка жана музыковед К.Надыршина, философ А.Кузнецов ж.б. Мектептер азыркы учурга чейин ийгиликтүү иштеп жатышат.

А. Салиев тарабынан 1980-жылдардын аягында киргизилген система, практикалык жыйынтыктарды көрсөттү – окуучулардын жалпы жана маданият деңгээли бир кыйла жогорулады, бүтүрүүчүлөрдүн көбү республиканын орто кесиптик жана музыкалык жогорку окуу жайларында ийгиликтүү окуусун улантышып, кээ бири өздөрү окуган мектептерде музыкалык дисциплинанын сабактарын беришет.

**«Алтын-Шаты» Президенттик балдар академиясы**

«Алтын-Шаты» Президенттик академиясы гуманитардык жана эстетикалык багыттагы, англис тилин тереңдеп окутуучу жалпы билим берүү мектеби (даярдоо классынан – 11- класс) болуп саналат. Академия 1999-жылы Кыргыз Республикасынын эл артисткасы, профессор Полина Цокуренко тарабынан түзүлгөн. Академиянын максаттары искусствого үйрөтүүнүн жана жалпы окуу предметтери боюнча альтернативдик автордук ыкмаларын киргизүүнү, зээндүү балдар жана жаштар үчүн эларалык маданий алмашуунун мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүнү камтыйт.

Академиянын өзгөчөлүгү – жалпы билим берүүнүн жана музыкалык тарбиянын биримдиги, бул бир эле учурда эки тараптан билим алууга мүмкүнчүлүк берет.

Академиянын биринчи окуу программасына бардык жалпы билим берүүнүн предметтери, экинчисине- эстетикалык багыттагы предметтер: музыка, живопись, хореография, театр, хор, вокал, чыгармачылыкка активдүү тартылуу кирет. Академиянын алкагында музыкалык мектеп иштеп, анда балдар ар түрдүү музыкалык инструменттерде ойноого мүмкүнчүлүк алышат (фортепиано, скрипка, улуттук аспаптар). Балдар музыка менен жөн гана өзү үчүн эмес, профессионал музыкант болуу максатында алектенишет.

Академиянын инновациялык өзгөчөлүгү - окуучуларды музыка искусствосуна жакындатуучу «Балдар филармониясынын» бар болушу (ар айлык лекциялар, концерттер) саналат. «Филармония» сабагында балдар музыкалык жана көркөм чыгармачылыктын көрүнүктүү үлгүлөрү менен таанышышат, концерттик чыгууларга Кыргызстандын мыкты артисттердин күчү тартылат. Концерттер учурунда классикалык музыка, джаз, эстрадалык музыка жаңырат. «Балдар филармониясы» эң маанилүү маданий жана психологиялык проблемаларды чечүүгө жардам берет.

Инновациялык методикалар, окуучулардын шыктарына жараша колдонулган ыкмалар жана педагогдордун жогорку профессионалдуулугу бул окуу жайына Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында татыктуу орунду ээлөөгө мүмкүнчүлүк берди. Академиянын тарбиялануучулары бир канча ирээт республикалык жана Италияда, Израилде, Францияда, Швейцарияда, Турцияда, Польшада өткөн эларалык конкурстардын жеңүүчүлөрү болушкан. Биздин окуучулардын Стамбулдагы, Анкарадагы, ошондой эле Женевадагы БУУнун Улуттар Сарайындагы гастролдук концерттери чоң резонанс жараткан. Балдардын Улуттук филармониядагы, телевидениедеги жана радиодогу ар жылдык отчеттук концерттик кечелери академиянын салтына айланган.

Мындан сырткары, Индияда (Шанкар ш.) өткөн эларалык балдар сүрөтү конкурсунда академиянын окуучулары коло жана кумуш медалдарына ээ болушкан. Алар Корей тили боюнча республикалык олимпиадаларда утуштуу орундарга жыл сайын ээ болушат.

### 4.1.2. Орто кесиптик билим берүү

### М.Куренкеев атындагы Кыргыз мамлекеттик музыкалык училищеси

М.Куренкеев атындагы КММУ – республикадагы эң эски музыкалык орто окуу жайы болуп эсептелинет. Ал көрүнүктүү салттарга жана терең таасир калтыруучу жыйынтыктарга ээ. Бул окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү, 1940-жылдары аяктаган белгилүү композитолор К.Модобасанов жана М.Абдраевден баштап, улуттук музыкалык маданияттын өсүшүнө чоң салымдарын кошушкан. Ошону менен бирге, окуу жайдын жетекчилиги (директор- КРнын эл артисти, профессор Т.Мураталиев) окуучулардын көркөм жана эстетикалык окуусуна жана тарбиясына көп көңүл бурат. 2007-ж. Кыргыз Республикасындагы Америка Кошмо Штаттарынын Элчилигинин жардамы менен бул жерде Американлык музыканын борбору түзүлгөн жана анын алкагында кеңейтилген долбоорлор ишке ашырылат. 2008-жылы КРнын эмгек сиңирген артисти Н.Нышановдун салттык үйлөмө аспаптарынын автордук классы ачылган.

2005-2006- окуу жылында мында өнүктүрүүчү сабактар түрүндөгү «Музыкалык визуализация ыкмасы аркылуу чыгармачыл кыялданууну өнүктүрүү» (Л.Куртынинанын экспериментинде Республикалык М.Абдраев атындагы орто кесиптик музыкалык мектеп интернатынын (РОКММИ) окуучулары дагы катышышкан) педагогикалык эксперименти жүргүзүлгөн.

Мектептеги эксперименталдык сабактардын максаттары музыкага жана сүрөт тартууга болгон кызыгуунун деңгээлин жогорулатууну, көнүл бурууну, фантазияны, чыгармачыл элестетүүнү жана окуучунун аналитикалык жөндөмүн активизациялаштырууну камтыган жана музыкалык адабият сабактары түрүндө өткөрүлгөн. Ал эми, КММУсинде алар класстан тышкаркы сабактар түрүндө (класстык сааттар) өткөрүлгөн. Тажрыйба жүргүзүү процессинде балдарга Чайковскийдин, Мусоргскийдин, Шумандын, Свиридовдун, Веберндин, Хиндемиттин, Молдобасановдун жана Бегалиевдин пьесаларын угуу жана бул пъессаларга кошуп бириктирүү үчүн комозиция жаратуу сунушталган. Балдардын сүрөттөрү визуалдык жана бекитилген өзгөчө «документ» катары, окуучунун бир жагынан, музыканы түшүнүүсүнүн тереңдигин, экинчи жагынан – окуучунун типологиялык өзгөчөлүгүн баалоого мүмкүндүк берет. Балдарга мындай сабактардын эмнени берерин сураган учурда, алардын жооптору маданият, искусство, эстетикалык кругозорду өстүрүү, релаксация, жаңыча ой- жүгүртүү жөндөмүн ачууга түрткү берүүнү, окуу процессиндеги түрдүүлүгү жана өзүн өзү таанып билүү жаатында кошумча билим алууну камтыган.

Эксперименттин жыйынтыгында педагогдор менен окуучулар арасындагы кызматташтык, кийинкилерди ыктыярдуу жана таламдуу пикирдеш, педагогикалык процесстин бирдей укукка ээ болгон катышуучулары катары көрдү. Ал эми мугалим

болсо, демократиялык түрдөгү баарлашуу стилине таянып, фантазияны жана, ассоциацияларды колдойт, оригиналдуу идеялардын жаралуусуна көмөктөшөт, балдардын чыгармачыл жөндөмдөрүнө жана күчүнө ишенет. Окуучулар маселелерди чечүүдө чыгармачылык жолдорду жана ыкмаларды колдонууга, тажрыйба топтогонго, ошондой эле, анализдөөгө жана жалпылоого үйрөнүштү. Алар көркөм тапшырмаларды коюууга жана аларды чечүүгө көрүнүктүү аракеттерди жумшашты.

### 4.1.3. Жогорку кесиптик билим берүү

**Кыргыз улуттук консерваториясы**

Кыргызстандагы биринчи музыкалык жогорку окуу жайы эгемендүүлүктү алгандан кийин 1993-жылы түзүлгөн (демилгечи жана ректор- Кыргыз Республикасынын эл арстисти, профессор М.Бегалиев). Анын ачылышына учурга ыңгайлуу болгон элдик жана профессионалдык искусствонун, композиторлор мектебинин жана профессионалдуу аткаруу маданиятынын болушу түрткү берди.

Кыргыз консерваториясы бир эле учурда билим берүү мекемеси, концерттик аянтча жана илимий-усулдук маданий борбор болуп саналат. КУКда камералык оркестр, комузчулардын ансамбли, хор, скрипачтардын ансамбли жана «Соленые орешки» («Туздалган жер жангактары») джаз группасы иштейт. 2000-жылы Бишкек шаардык мэриясынын колодоосу аркасында консерваториянын базасында Үйлөмө аспаптар оркестри, 2005-жылы – Чоң симфониялык оркестри, 2009-жылы – Кыргыз улуттук аспаптар оркестри түзүлгөн. Консерватория - сейрек профессиялардын: балетмейстер, ошол эле учурда, өтө популярдуу профессиялардын өкүлдөрү- музыкалык эстраданын артисттери, адамдарын жогорку билим ала турган бирден бир жогорку окуу жайы болуп саналат, демек, өлкөнүн жогорку музыкалык квалификациялуу кадрларга болгон керектөөсү толугу менен канааттандырылып жатат.

Консерватория миңден ашык жогорку квалификациядагы кадрларды тарбиялады, алар өлкөнүн бардык театралдык жана концерттик уюмдарында, музыкалык окуу жайларында иштешет. Жогорку окуу жайда бир гана Кыргызстандын, Россиянын, Казакстандын студенттери билим алып жатпастан, ошондой эле, Кытайдан жана Түштүк Кореядан келген студенттер бар. Консерваториянын бүтүрүүчүлөрү өз мекендеринде белгилуу солисттер, биринчи опералардын, симфониялык чыгармалардын жана окуу китептеринин авторлоруна айланышты. Чет элдик студенттер өздөрүнүн билимин биздин маданиятты түшүнүү менен байытышып, кыргыз тилин өздөштүрүп жатышат.

КУКнын профессорлору жана доценттери - өлкөнүн көрүнүктүү музыканттары: СССРдин, Кыргыз Республикасынын эл артисттери, КРнын Мамлекеттик Токтогул атындагы сыйлыктын лауреаттары, КРнын маданиятына эмгек синирген артисттери жана ишмерлери, билим берүүнүн отличниктери, орден жана медалдардын кавалерлери, республикалык жана эларалык аткаруучу-музыканттарынын конкурстарынын лауреаттары. Алардын ичинде: А.Джумахматов, М.Темирбеков, К.Сартбаева, Т.Сейталиев, У.Полотов, С.Юсупов, П.Цокуренко, З.Нарынбаева, З.Селезняк, З.Мамбеталиев, К.Айтыгулов, Э.Шаршенбаев, Ч.Шалтакбаев, К.Дюшалиев, Е.Лузанова, ж.б.

Кыргыз улуттук консерваториясында симфониялык, хор, камердик концерттер, республикалык конкурстар, илимий жана практикалык конференциялар, семинарлар жана көргөзмөлөр өткөрүлөт. Ошондой эле, ар өлкөнүн көрүнүктүү музыканттары мастер-класстарын өткөрүшөт: дүйнөлүк аты бар америкалык вилиончелист Йо-Йа Ма, Москва мамлекеттик консерваториясынын профессору Андрей Писарев, Россиянын музыка академиясынын профессору Аркадий Севидов, д-р Рихард Штойрер (Австрия), профессор Саида Елеманова (Казакстан), Адам Клипплдын джаз-квартети, блюз ырчысы Коко Йорк (АКШ), виртуоздор Луи Склавис жана Михаэль Швейзер (Франция) жана Польшалык музыканттар. Консерватория өлкөнүн жана башка өлкөлөрдүн жогорку окуу жайлары менен кызматташат.

КУКнын Ардактуу профессорлору болуп жазуучу жана коомдук ишмер Ч.Айтматов, көрүнүктүү актриса С.Кумушалиева, Моквалык профессорлор В.Носина, М.Чайковская, Россия президентинин эларалык маданий кызматташтык боюнча атайын өкүлү М.Швыдкой, композитор Т.Саттор (Таджикистан), Казакстандын Улуттук музыка академиясынын ректору А.Мусаходжаева, ж.б. болушкан.

2000-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна ылайык Ош шаарында КУКнын Түштүктөгү филиалы, 2009-жылы – опердик жана хор студиясы жана даярдоо курстары ачылган. Консерватория ошондой эле, музыкалык билим берүү системасынынын башкы мекемеси болуп саналат жана орто кесиптик музыкалык окуу жайларын (М.Куренкеев атындагы Мамлекеттик музыкалык училищеси, Ниязалы атындагы Ош музыкалык училищеси, Ы.Туманов атындагы Караколдук музыкалык училищеси, М.Абдраев атындагы мектеп-интернатты) көзөмөлгө алат.

Улуттук консерваториянын студенттеринин, асситент-стажерлорунун жана бүтүрүүчүлөрүнүн арасында эларалык сынактардын жүздөгөн лауреаттары, «XXI-кылымдын кадрлары», «Алтын-Шаты» жана «Прелюдия» президенттик программаларынын стипендианттары бар. Кыргыз улуттук консерваториясы маданият

түзүүчү институту, өлкөнүн музыкалык жашоосунун активдүү ньюсмейкери болуп саналат. Ал маданий потенциалды кайра жаратуу системасынын жаңылоо жана улуттук маданиятты өнүктүрүү максатында жогорку квалификациялуу кадр болууну каалаган жаш таланттар үчүн дайыма ачык.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук көркөм академиясы**

1991-жылы Кыргызстандагы улуттук көркөм академиясынын ачылышы кыргыз профессионалдык сүрөт искусствосунун тарыхый жолунун өнүгүшүнүн кесепетинен келип чыккан. Кыргыз Республикасынын сүрөтчүлөр академиясы жогорку көркөм окутуу мекемеси жана ошону менен бирге, чыгармачыл жана илимий-изилдөө мекемеси катары ачылган. Концепциянын уникалдуулугу үзгүлтүксүз көркөм окутуунун ар тараптуу жана көп баскычтуу моделин түзүү болуп саналат. Академиянын көп баскычтуу түзүлүшү бир бүтүн программага бириктирилген бир катар компоненттерди камтыйт – көркөм маданиятты дүйнөнүн кең маданий мейкиндигинде мындан ары өнүктүрүү жана жашатуу максатында ар түрдүү кесиптердеги сүрөтчүлөрдү жана искусство таануучуларды даярдоо боюнча билим берүү, усулдук жана илимий базасын түзүү.

Улуттук көркөм академия татаал иерархиялык түзүлүшкө ээ. Анын баштапкы баскычын көркөм мектеби түзөт. Ал жерде республиканын ар кайсы шаарларынын жана райондорунан келген зээндүү балдар төрт жыл ичинде (6-9-класс) сүрөт искусствосу боюнча базалык билимге ээ болушат. Академиянын структурасына баардыгы болуп 9 көркөм мектептер кирет: Бишкек ш., Ош ш., Ош облустундагы Ноокат айылы, Джалал-Абад, Талас, Нарын, Каракол, Баткен шаарларында жана Чуй областы боюнча.

Экинчи баскыч – беш факультети бар төрт жылдык көркөм колледж. Бул жердин бүтүрүүчүлөрү көркөм кесиптик орто билим тууралуу диплом алышып, кесиптик жана орто мектептерде сабак бере алышат. Колледждин эң зээндүү балдары көркөм жогорку окуу жайында билимин улантууга мүмкүндүк алышат, ал жерден алар ошол эле кесиптик профилдер, ошондой эле кошумча жаңы кесиптер боюнча билимин жана жөндөмүн тереңдетишет.

Ошентип, эки он жылдыктан бери, академия көркөм профили боюнча 700 ашуун адистерди даярдап чыгарган. Алар: скульпторлор, сүрөтчүлөр, өндүрүш графиги боюнча дизайнерлер, чөйрө дизайнерлери, керамикачылар, искусство таанучулар жана

сценографтар. 2010-жылы Академияда костюмду моделдөө жана конструкциялоо факультети ачылган.

Квалификациялуу кадрлардын академиялык даярдыгынын аякталышы болуп, искусствонун аспирантурасы эсептелинет, ал жерде алардын мындан аркы чыгармачыл жана педагогикалык ишин жакшыртуу максатында көркөм институттун бүтүрүүчүлөрүнүн теориялык билимин жана чеберчилигин мыктылоо үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Бүтүрүү ишин жактагандан кийин, аспиранттар өзүнүн кесиби боюнча көркөм искусствосунун кандидаты аттуу илимий даражага ээ болушат.

Улуттук академиянын структурасына искусство таануу илимин өнүктүрүү, көркөм тажрыйбаны жалпылоо, республиканын көркөм искусствосунун тарыхы жана теориясынын суроолорун түзүү максатында иш алып барган илимий жана изилдөө бөлүмү кирет.

Улуттук академиянын маанилүү бөлумдөрүнүн бири болуп ачык асман алдындагы илимий жана усулдук Музейи эсептелинет. Анын фондун скульпторлордун жыл сайын өтүүчү республикалык жана эларалык сипозиумдарынын жыйынтыгында (1984 жылдан тартып) түзүлгөн ичкериде турган, декоративдик жана прикладдык скульптураны түзөт. Музей сүрөтчүлөрдү жана искусство таануучуларды даярдоо боюнча уникалдуу окутуу жана илимий-изилдөө база болуп саналат, жана чыгармачылык баарлашууга керектүү болгон эстетикалык чөйрөнү түзөт.

Улуттук көркөм академиясынын структурасын түзүү бир канча этап менен жүргүзүлгөн. 1991-жылы Мамлекеттик жогорку көркөм колледжи ачылып, 1995-жылы ал көркөм Академиясына айланган. 1998-жылдын 12-октябрында Кыргызстанда өткөн Эларалык сүрөтчүлөр форумунда,  педагогикалык, илимий жана чыгармачыл уюм катары көркөм академия официалдуу түрдө негизделген. Россия, Украина, Казахстан, Өзбекистан, Таджикистан, Грузия, Армения жана Пакистандын искусство жана көркөм өнөр окутуу боюнча көрүнүктүү ишмерлеринин катышуусу менен өткөн негиздөөчүлөрдүн жыйынында, Кыргыз Республикасынын көркөм академиясынын корреспондент-мүчөлөрү тандалган.

Кыргызстандын Көркөм Академиясынын негизделиши эларалык резонанска ээ болгон. Көркөм академия чет элдик жогорку окуу жайлары жана академиялык мекемелер менен чыгармачыл, окуу жана усулдук байланыштарды Россиянын көркөм академиясы, В.И.Сурикова атындагы Москвалык көркөм институту, И.Е.Репин атындагы Санкт-Петербургдук живопись, скульптура жана архитектура институту, Пакистандык  мамлекеттик жогорку колледжи, ошондой эле, Борбор Азия

мамлекеттеринин көркөм академиялары жана көркөм жогорку окуу жайлары менен курган.

Академиядагы профессионалдыкка ээ болуунун жалпы принциби болуп, чыныгы сүрөт искусствосунун ыкмалары жана бай тажрыйбаларына ээ болуу, ошондой эле, дүйнөлүк көркөм маданиятты жана гуманитардык илимдердин негиздерин өздөштүрүү саналат. Окуу пландары жана комплексттик предметтердин программалары ар бир баскычта үзгүлтүксүз көркөм окутуунун жалпы маселелерин жана келекчектеги искусство чеберлеринин руханий ахлактуу тарбиясын эсепке алуу менен иштелип чыгат.

**«XXI-кылымдын кадрлары» билим берүү программасы**

«XXI-кылымдын кадрлары» президенттик билим берүү программасы 1992-жылдан бери иш алып барууда жана анын алкагында жүздөгөн балдар жана кыздар чет өлкөдө билим алууда. Программа Кыргыз Республикасынын жарандарын, дүйнөнүн мыкты билим берүү жана илимий борборлорунда даярдоого, кайра даярдоого жана илимий стажировкаларга багытталган. Программанын катышуучулары Турциянын, Германиянын, Россия Федерациясынын, Австриянын, Австралиянын, АКШнын, Улуу Британиянын, Кытайдын, Индиянын, Түштүк Кореянын, Италиянын мыкты университеттеринде, ошондой эле, эстетикалык циклдин программалары боюнча билим алып жатышат. Иш жүзүндө, мындай окуу курсун аяктагандардын көбүнчөсү эларалык сынактардын жеңүүчүлөрү (Э.Атагельдиев жана К.Кошоева, Г.Токтошева, Ч.Торобеков, А.Токталиев, А.Сыдыков, Ж.Раимбекова, А.Текенова, Т.Жакшылыков жана Э.Асанкулова, Ж.Ысманов) болгон.

«XXI-кылымдын кадрлары» программасынын алкагында жаш таланттардын чыгармачылыгына демилге көрсөтүү, маданият жана искусство жаатында зээндүү балдардын жана жаштардын жеке чыгармачылыгынын жана профессионалдуулуктун калыптануусуна көмөктөшүү максатында «Прелюдия», «Алтын шаты» жана «Умут» стипендиялары ыйгарылат.

## 4.2. ФОРМАЛДЫК ЭМЕС КӨРКӨМ ӨНӨР ОКУТУУ

### 4.2.1. Көркөм өнөр окутуунун салттык системасы

**Акын-импровизаторлорго көмөк көрсөтүүчү «Айтыш» коомдук фонду**

«Айтыш» фонду 2002-жылы (директору Садык Шер-Нияз) токмо-акындардын байыркы искусствосун кайрадан жандандыруу максатында түзүлгөн. Бул жерде жаш таланттар менен Тууганбай Абдиев жана Ашыралы Айталиев өңдүү кыргыз элинин көрүнүктүү акын-усталары иштешкен. Алар балдардын комузда ойноо техникасын жана акындык импровизациялоону өркүндөтүү максатында өздөрүнүн тажрыйбаларын өткөрүп беришкен. Азыр аларды чоңойгон окуучулары алмаштырды. Ар бир ыкманын колдонулушунун таасирин жыйынтыктар аркылуу гана баалоо мүмкүн, ал эми «Айтыш» фондунун жетишкендиктери абдан көрүнүктүү: фондтун көмөгу менен өлкөдө жаш, көрүнүктүү акындар пайда болду, алардын ичинде Элмирбек Иманалиев, Жеңишбек Токтобеков, Амантай Кутманалиев, Азамат Болгонбаев, Аалы Туткучев. «Айтыш» фонду жыл сайын өтүүчү республикалык жана эларалык акындар жарышынын уюштуруучусу, акындардын китептерин, искусство таануу монографияларды, ж.б. жарыялоого жардам көрсөткөн спонсор.

«Айтыш» коомдук фондунун долбоорлорунун бири – «Калемгер» адабий клубу. Ал жыл сайын өтүүчү жаш жазуучулардын, акындардын жана драматургтардын сынагын уюштурат. Дээрлик бардык массалык маалымат каражаттарында «Айтыштын» тарбиялануучулары иштеп, чыгармачылык менен активдүү алектенишип жатышат. 2010-жылдын апрель айынын жетисинен сегизине караган түнү улуттук телевидение иштээр замат, биринчилерден болуп «айтышчылардын» ичинен чыккан жазуучу Шайырбек Абдырахманов жана редактор Мирлан Самыйкожо элге кайрылышкан.

2004-жылы кыргыз акындарынын жана манасчылардын өнөрү Дүйнөлүк адамзаттын материалдык эмес өөзеки мурастарынын шедеври болуп таанылганына байланыштуу, Садык Шер-Нияз ЮНЕСКОнун Генералдык директору Коичиро Мацуура тарабынан дүйнөлүк маданиятка кошкон салымы үчүн өзгөчө алкышына ээ болгон.

- Садык Шер-Нияздын колунан коомдун акындардын жана манасчылардын өнөрүнө болгон кызыгуусун үчүнчү миң жылдыктын башында кайрадан жандандыруу келди, - дейт Кыргызстандын маданиятына эмгек синирген ишмер, этномузыка изилдөөчүсү Балбай Алагушев. Жүз жыл мурун Жеңижок, Токтогул, Барпы, Тоголок Молдо өңдүү улуу акындар башка дүйнөгө кеткен учурда, андан кийин акын-имровизаторлор бирдеп саналган кезде, алардын өнөрү чоң залалга дуушар болгон. Эми биз бул тармакта жаңы жылдыздардын жаралуусун жана чеберчиликтин ыкчам өнүгүүсүн көрүп жатабыз.

«Айтыш» фонду акындын өнөрүн популярдуу, бүтүндөй эл сүйгөн жана сыйлаган искусстволордун катарына кошту. Акындын поэзиясы – агартуунун, сезимдердин кескин ойгонуусунун, сөз эркиндигинин жана демократиянын күчтүү инструменти.

- Акындар – коомдун чоң моралдык күчү, - дейт Садык Шер-Нияз. – Акын ич дүйнөсү менен кыраакы жана турмуштун бүтүндөй толук кандуулугун, кубанычын, сыз-муңун жана элдин каарын, өзүнүн чыгармачылыгы аркылуу өткөрөт. Азамат, Аалы, Темирбек, Женишбек сыяктуулар 2010-жылдын апрель айында болуп өткөн трагедиялуу күндөр учурунда элди тынчтандыра алышты. Биз таланттын коомчулуктун кызыкчылыгы үчүн жаратуусун каалайбыз, «Айтыштын» акындары саясий партияларды жана президенттерди колдоо кампанияларына катышпайт, алардын элдин ишенимдүү уулдары болгону үчүн сыймыктанабыз. Алар акындар искусствосунда жаңы доорду ачышты, акындык чыгармачылыгынын Адамзаттын материалдык эмес оозеки мурастарынын шедеври катары таанылганына өздөрүнүн улүшүн кошушту.

Тээ кылымдардан бери акын элдин абийири, акыйкаты жана үнү болуп келген. Акын-импровизаторлор кыргыз элининин руханий маданиятынын өнүгүүсүнө баа жеткис салым кошушуп, ошону менен жалпы элдик таанууга татыктуу болушту. «Айтыш» фондунан жашоого жолдомо алган акындар, өздөрүнүн граждандык позициясы жана чеберчиликтин көркөмдүү кырлары менен көп кылымдан берки тарыхы бар элдик оозеки чыгармачылыкты жаңы бийиктикке көтөрүштү.

Акындык, манасчылык жана дастанчылык искусствосу, өздөрүнө баалуу айырмачылыктары бар болгонуна карабастан, байыркы тарыхтан бери биз менен кошо келе жатат, ошондуктан, «Айтыш» фондунун пландарында манасчылардын эларалык сынагын өткөрүү турат. Сынактын негизги максаты – качандыр бир убакта Саякбай, Сагынбай, Балык, Найманбай, Мамыркан молдо өңдүү улуу манасчыларга тең келе алган, чыныгы манасчыларды ачуу. «Биз биздин муундун, XXI-кылымдын манасчысларын тандайбыз, анткени бүгүнкү Кыргызстанды «Манассыз» жана манасчыларсыз элестетүү мүмкүн эмес», - дейт Садык Шер-Нияз.

### «Устатшакирт» салттык музыканын борбору

«Устатшакирт» салттык музыка борбору» коомдук бирикмеси Кыргызстанда 2005-жылы «Ага Хандын Борбор Азиядагы музыка чыгармачылыгын колдоо демилгеси» (ACMICA) Ага Хандын ишеним фондунун маданият боюнча Программасынын алкагында түзүлгөн. Борбордун максаты (директор Р.Сырдыбаева) –

устат менен шакирттин чыгармачылык процессинде биригип жасаган ишинин байыркы ыкмасын жандандыруу. Мындай тыгыз байланыш, окутуу материалдарынын көлөмүн кеңейтүүгө жана аткаруу тарзын өнүктүрүүгө, ошондой эле, окуучуга эстетикалык жактан таасир этүүгө мүмкүндүк берет.

Самарбүбү Токтакунова, Нурак Абдрахманов, Зайнидин Иманалиев, Намазбек Уралиев, Нурланбек Нышанов жана Кенже Кубатова сыяктуу тажрыйбалуу чеберлер жана жаш педагогдор - Азамат Отунчиев, Акылбек Касаболотов, Залина Касымова уникалдуу автордук ыкмалардын негизинде, билим берүүнүн салттык системасын колдонуп жаш таланттар менен иштөөдө. Алар комуз, кыл кыяк, чоор, сыбызгы, чопо чоор, темир ооз комуз, жыгач ооз комуз, салттык вокал, инструменталдык ансамбль класстары боюнча сабактарды өткөрүшөт. Борбордун республиканын областтарында филиалдары бар.

Кайрадан жандандырылган «Устатшакирт» салттык ыкманын ийгиликтери: Турциянын (2005-ж.) Стамбул шаарында өткөн Эларалык балдар фестивал-сынагында Гран при жана Алдтын медалы «Жаш тилек» ансамблине жана анын солисти Токтобек уулу Канатка (жетекчиси З.Иманалиев, Кочкор району) ыйгарылган, 2006-жылы июнь айында өткөн ушул эле фестивалдын Гран приси Ысык-Көл районунун, Семеновка айылындагы борбордун филиалынын окуучусу Шарипбек уулу Расулга ыйгарылган. 2006-жылы дүйнө элдеринин эпосторунун Биринчи дүйнөлүк фестивалынын алкагында, Бишкек шаарында «Устатшакирт» борборунун окуучуларынын концерти өткөрүлгөн.

Борбордун ишинин башка бир багыты болуп – концерттик жана салттык искусствону популяризациялоо саналат. Борбордун мугалимдери «Теңир-Тоо» фолклордук группанын курамы менен бирге дүйнөнүн ондогон өлкөлөрүндө жана ошондой эле, Бишкекте жана Ош облусунда өткөн концерттерде ийгиликтүү чыгышууда. Борбордун жана «Теңир-Тоо» группасынын көркөм жетекчиси- Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Нурланбек Нышанов.

2007-жылы Кыргыз Республикасынын Маданият жана маалымат Министрлиги жана Швейцариялык кызматташуу бюросу менен бирдикте, «Устатшакирт» борбору «Жаш таланттар үчүн салттык аспаптар» долбоорун жүзөөгө ашырды. Долбоордун алкагында 150 кыргыз элинин салттык музыкалык аспаптарын борбордун чеберлери жана башка усталардын күчү менен даярдоо, музыкалык аспаптардын жана колдонмо чыгармачылык буюмдарынын көргөзмөсүн уюштуруу жана өткөрүү пландаштырылган. Он алты чебердин эң мыкты табигый материалдардан жасалган эксклюзивдүү

аспаптары Кыргызстандын беш облустундагы тогуз балдар музыкалык мектебине жана коллективдерине тапшырылган.

2008-2009-жылдарда Кыргыз Республикасындагы Швейцариянын кызматташтык Бюросу менен бирдикте жана анын искусство жана маданиятты колдоо Программасынын алкагында борбор «Музей ишембилери: искусствонун өсүп келе жаткан муундардын эстетикалык тарбиясындагы ролу» долбоорун жүзөгө ашырды. Музей концерттеринин жана аткаруучулар, манасчылар, сүрөтчүлөр жана искусство изилдөөчүлөр менен болгон жолугушуу жери – борбордогу Г.Айтиев атындагы Кыргыз улуттук көркөм сүрөт музейи, Каракол ш., Ак-Суу районунун Кереге-Таш айылы. Бир «музей ишембиси» Кыргызстандын белгилүү музыканттарынын жана педагогдорунун күчү менен өткөрүлгөн лекция-концерттерди, окуучулар үчүн мастер-класстарды (салттык музыкалык инструменттерде ойноо), адистердин эстетикалык тарбия боюнча мугалимдерге берген консультацияларын камтыйт.

«Устатшакирт» борборунун ишмердигинин жыйынтыгында Кыргызстандын таланттуу жаштары ар кандай деңгээлдеги жана ар кайсы өлкөлөрдөгү концерттик, фестивалдык жана семинардык ишке катышуулары активизацияланууда. Азыркы убакта борбордо жалпы билим берүү мектептери үчүн салттык педагогиканын негиздерин эске алган музыка боюнча жаңы китептер иштелип чыгууда.

### 4.2.2. Балдар музыкалык, көркөм өнөр жана искусство мектептери

#### Бишкек шаарындагы №4 искусство мектеби

Бишкек шаарындагы №4 искусство мектеби 1967-жылы 100 окуучуга шартталган музыкалык мектеп катары ачылган. Мектеп 1981-жылдан тартып республикалык жана шаардык сынактардын туруктуу катышуучусу жана жеңүүчүсү болуп, «Үлгүлүү» мектеп атын кармап келген (директору Татьяна Масиевская). Анын дээрлик бардык бүтүрүүчүлөрү орто жана жогорку окуу жайларга кыйынчылыктарсыз тапшырган. Ал эми анын педагогдору бир канча ирээт СССРдин маданий борборлоруна тажрыйба алмашуу үчүн командировкага жиберилишчү.

1989-жылы мектепке искусство мектеби статусу берилген. Мектептин статусу анда иштеп келе жаткан фортепиано, кылдуу, үйлөмө, салттык аспаптар бөлүмдөрүнө хореография, театралдык, эстрадалык жана көркөм искусство бөлумдөрүн кошконго мүмкүндүк берди. Мектеп алдында «Ырлар театры» иштеп, окуучулардын күчү менен «Балачак поезди», «Өсүүнүн витамини», «Жомокко конокко баруу», «Изумруд шаарынын сыйкырчысы» спектаклдери, жана дагы «Жебе», «Адис» вокалдык

группалары, спорттук бийлер боюнча группа, көп сынактардын жеңүүчүсү болгон классикалык хор музыкасынын ансамбли жана комузчулар ансамбли (2010-ж. Венгрияда өткөн фестивалда ийгиликтүү катышышкан) иш алып барат.

Мектептин педагогдору жана алардын арасындагы жаш мугалимдер тарабынан окутуунун автордук ыкмалары иштелип чыгууда жана киргизилүүдө, инновациялык семинарлар жана негизги программага кошумча болгон концерт-лекциялары, тематикалык майрамдоо күндөрү өткөрүлүүдө. Коллективдин оюу боюнча, окуучулар сабактарга бир гана түзгүн катышуусу маанилүү эмес, алардын сценага тез-тез чыгып, телевидениеде жазылып жана өздөрүнүн өнөрү менен ар түрдүү кесиптин ээлери болгон кишилер менен бөлүшүүлөрү зарыл.

№4 искусство мектебинин урааны – «Биздин мектепте бардыгы таланттуу». Мектептин жаш солисттери А.Джумахматов атындагы Чоң симфониялык оркестр жана Бишкек ш. Мэриясынын Чоң симфониялык оркестри менен чыгышат. Мектептин коллективдери республикадан тышкары тез тез чыгып турушат жана Кыргызстанды аралап концерттик турларга катышышат.

Мектептин окуучулары – жыл сайын өткөрүлгөн шаардык жаш таланттар конкурстарынын катышуучулары жана жеңүүчүлөрү. Алар «Кыргызстан үндөрү», республикалык «Талантка таазим» конкурсуна, «Кыргызстан обондору» эстрада ырлары боюнча республикалык конкурсуна, эларалык «Ак канаттын алдындагы Жер» фестивалына (Мозырь ш. - Белорусь), эларалык «Нури-Умет» фестивалына (Душанбе ш. Таджикистан), КМШ мамлекеттеринин Дельфия оюндарына, Кыргызстандагы Европа күндөрүндө, ж.б. сынактарга катышып келүүдө.

Мектептин окуучуларынын көбү белгилүү артисттердин жана музыканттардын тобуна кирди. Бүгүнкү күндө Артур Чормонов Кельнде окуусун аяктап жатат, ал эларалык скрипачтар сынагынын лауреаты, көп өлкөлөрдө сололук концерттерин берүүдө. Ага-ини болгон Притула бир туугандары - «Город 312» популярдуу поп-группанын негиздөөчүлөрү, Айжан Мураталиева – органист, Германияда иштейт, Асема Оморова – «Славян базары» эларалык ырлар сынагынын дипломанты ж.у.с.

### 4.2.3. Балдар чыгармачылыгынын борборлору

**«Сейтек» балдар жана өспүрүмдөрдүн улуттук борбору**

Алгачкы этапта «Сейтек» борбору 1936-жылы Кыргыз ССРнин комсомол обкомунун чечими менен Республикалык пионерлер үйү катары негизделген. Бул жерде адегенде 7 гана киши иштеген, бирок, убакыттын өтүшү менен Пионерлер үйү

өсүп кеңейген. 1951-жылы республиканын бардык шаарларында шаардык пионерлер сарайлары ачыла баштаган. 1994-жылы Пионерлер үйү «Сейтек» Республикалык балдар жана өспүрүмдөр борборуна айланган. 2007-жылы Кыргыз Республикасынын президентинин жарлыгына ылайык борбор Улуттук статусуна ээ болгон.

Бул уникалдуу мекеменин педагогдор коллективи балдардын сабактарга болгон кубанычын бош убакытты шайыр, пайдалуу жана кызыктуу өткөргөнгө, сүйгөн иши аркылуу беришет. Бул жерде эмгек сиңирген мугалимдер жана артисттер, эларалык деңгээлдеги чеберлер, Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниктери (директору Сабира Челпакова, көркөм жетекчиси Эрик Латыпов) иштешет.

Ар жыл сайын борбордун түрдүү багыттагы ансамблдеринде, студияларында, секцияларында жана ийримдеринде 3 жаштан баштап 2 миңден ашык балдар жана өспүрүмдөр окушат. Алар бийлөөгө, ырдоого үйрөнүшүп, сүрөт жана колдонмо искусствосу, техникалык чыгармачылык, футбол, шахмат, ушу, кыргыз жана англис тилин үйрөнүү ийримдеринде алектенишет жана ошондой эле, балдарды мектепке даярдоо группаларына катышышат.

Борбордо спектаклдер, майрамдар, конкурстар, эларалык балдар фестивалдары, балдар жана чоңдор үчүн концерттер, олимпиадалар, спорттук мелдештер, балдардын сүрөт, колдонмо икусствосу жана техникалык чыгармачылык боюнча көргөзмөлөрү өткөрүлөт. Окуу класстарынан сырткары, бул жерде 650 орундуу көрүү залы, заманбап үн берүү жана жарыктандыруу аппаратуралары менен камсыздандырылган төрт хореографиялык класс бар.

Бул жерде «Ак Шоола», «Шаттык», Жаш кыял», «Улыбка», «Эдельвейс», «Рахат» өңдүү ансамблдер, жана Чжуан Дао, «Растишка» ушу мектептери, «Исток» курсу ж.б. иштешет. Чыгармачыл коллективдер КМШ мамлекеттеринин жана Балтия, Турция, Болгария, Индия, Югославияда өткөн фестивалдардын дипломанттары болгон. Алар Москва шаарынын 850-жылдыгынын, Санкт-Петербург шаарынын 300-жылдыгынын, Ош шаарынын 3000-жылдыгынын, «Манас» эпосунун 1000-жылдыгынын маарекелерине, Витебскте өткөн «Славян базары» фестивалына, Дельфиялык ондарга катышышкан. Жаш таланттар эларалык фестивалдарда көп байгелерге жана сыйлыктарга ээ болушту.

Балдарды мектепке даярдоо максатында иш алып барган «Исток» курсунда балдар музыка, сүрөт тартуу, оригами менен алектенишет жана жаратылыш менен сулуулукту түшүнгөнгө жана сезүүгө үйрөнүшөт. Ата-энелер менен кызматташуу эң мыкты жыйынтыктарга жетүүгө мүмкүндүк берет.

## «Балажан» Республикалык эстетикалык тарбия берүү окуу-усулдук борбору

«Балажан» борбору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен 1987-жылы түзүлгөн. Ал балдар чыгырмачылыгын өнүктүрүү максатында маанилүү социалдык функцияларды аткарат, балдардын жана өспүрүмдөрдүн бош убакытын маңыздуу өтүшүнө көмөктөшөт жана профессионалдык даярдоо ишин аткарат. Булардын баардыгы, жыйынтыгында баланын жеке калыптануусуна, ошондой эле, жашы жетелектердин арасында укук бузуучулукту жана көзөмөлсүздүктү алдын алууга багытталган.

Учурда борбордун 145 студиясында 2 миңден ашуун 3 жаштан 17 жашка чейинки балдар алектенишет. Алардын арасында 530 жетим бала, 42 мүмкүнчүлүгү чектелген бала, 110 кулагы начар уккан жана тили жакшы өнүкпөгөн балдар бар. «Балажанда» жогорку квалификациялуу чыгармачыл педагогдордун коллективи иштейт (директору Дария Мусина). Алардын эмгегинин эң маанилүү натыйжасы болуп борбордун берген кызматтарына карата болгон чоң талап саналат. Борбордун ар бир педагогу өзүнүн автордук программасы боюнча иш алып барат.

1999-жылдан бери борбордун алдында «Балдар медиаборбору» иштейт жана ошол убакыттан баштап өспүрүмдөр үчүн басмалык, укуктук жана журналистикалык иш менен алектенүүгө, жана ошондой эле, өздөрүнүн телекөрсөтүүсүн даярдоого, өспүрүмдөр үчүн «Небоскреб-Мунара» журналын чыгарууга мүмкүндүк пайда болду. «Балажанда» республикадагы жалгыз Балдар сүрөт галереясы жайгашкан. Борбордо 20 жылдан бери 35 миңге жакын балдар жана өспүрүмдөр чыгармачылыктын ар кайсы тармактарында өздөрүн көрсөтүүгө мүмкүндүк алышты. Республикалык борбордун мурунку тарбиялануучуларынын көбүнчөсү сүрөтчүлөр, элдик колдонмо чыгармачылыгынын чеберлери, чет тилдерди окутуунун таланттуу педагогдору болушту.

Борбордун ишинде өзгөчө орунду 10 жылдан бери иштеп келе жаткан «Өзгөчө таланты бар мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын мектеби» ээлейт. Бул он жыл ичинде ал жалпы билим берүү жана мектепке чейинки мекемелерге бара албаган 400дөн ашык балага билим алууга жардам берди. «Искусство аркылуу балдардын социалдык реабилитациялоосу» программасы балага жанында жүргөн ден-соолугу чың балдардын камкордугун, көнүл буруусун жана кошо кайгыруусун сезүүгө мүмкүнчүлүк берет (мүмкүнчүлүгү чектелген балдар жөнөкөй балдар менен бир группада билим алышат).

Борбордун 400дөн ашуун чыгармачыл коллективдери жыл сайын өтүүчү эларалык, республикалык жана шаардык конкурстарга жана фестивалдарга катышышат. Акыркы он жыл ичинде 900дөн ашык балдар жана өспүрүмдөр конкурстардын жана фестивалдардын лауреаттары деген ардактуу наамга татышты. Алардын арасынан 70 балдар жана өспүрүмдөр Индияда, Чехияда, Венгрияда, Японияда, Германияда, Египетте, Польшада, АКШда, Грецияда, Кытайда жана Улуу Британияда өткөн сүрөт искусствосу боюнча эларалык көргөзмөлөрдүн дипломанттары болушту. Элдик, балдык бий, заманбап жана чыгыш бийлеринин ансамблдери бир канча ирээт Кыргызстанды Турцияда, Индияда, Турменияда, Казакстанда жана Россияда өткөн эларалык конкурстарда таанытышкан.

Борбордун бөлүмдөрү Ысык-Кол облусунун Боконбай айылында жана Чолпон-Ата шаарында иш алып барышат. Аларга арнап республиканын башка аймактарынан келген окуучуларга жана педагогдорго алардын билимин жана тажрыйбасын жаңы деңгээлге жогорулатуу жана чыгармачыл жөндөмүн өстүрүү максатында борбор тарабынан жыл сайын конкурстар, көргөзмөлөр, семинарлар, тренингдер, мастер-класстар өткөрүлөт.

**«Таберик» балдар музыкалык театры**

«Таберик» балдар музыкалык театры алгач 1957-жылы Республикалык пионерлер сарайынын курамында түзүлгөн жана андан кийин Бишкек шаардык Мэриясынын карамагына киргизилген. Бүгүнкү күндө бий театрында 500дөн ашуун 4 жаштан 17 жашка чейинки шыктуу балдар бар. Ушул жылдардын арасында балдар музыкалык театры өзүн Орто Азия аймагы боюнча мыкты коллектив катары далилдеди (жетекчиси Ольга Аракельян). Балдар чыгармачыл бүткүлсоюздук сынактарга, эларалык өспүрүмдөр фестивалдарына, «Артек» жана «Орленок» пионердик лагерлериндеги чогулууларга катышкандыгы үчүн бул музыкалык театр Лениндик комсомол сыйлыгына жана «Үлгүлүү балдар коллективи» наамына татыктуу болгон жана ошондой эле, Москва шаарында өткөн жаштар жана студенттердин XXII Бүткүл дүйнөлүк фестивалынын лауреатынын диплому, Россия, Швейцария, Чехия, Турция жана Оманда өткөн эларалык сынактардын жана фестивалдардын сыйлыктары жана дипломдору менен сыйланышкан.

«Таберик» жалпы шаардык жаштар майрамдарын уюштурууга, балдар жана карылар үйлөрүндө жашагандарга арналган кайрымдуулук акцияларына, жетим жана мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн кайрымдуулук концерттерине катышат. Бир

жылда эки жолу балдар көрүүчүлөрдүн сынына спектаклдердин премьераларын (мюзиклдер, шоу, жомоктордун ичине саякат) коюшат.

2001-жылы «Таберик» театры тарабынан өспүрүмдөр менен болгон окуу жана тарбия берүүнүн концепциясы иштелип чыккан, ал жаштардын адеп, чың ден соолукта жашоо, адам укугу жана экология жаатында билим жана маалыматтануу деңгээлин жогорулатууну шарттайт. Бул жашоонун өзүнөн алынган тематика, балдар чыгармачылыгынын энергиясын жана талантын пайдалуу нукка багыттоо максатында долбоорлорду иштеп чыгууга түрткү берди. Бул долбоор окуу коллективин балдардын көрүүчү аудиториясы менен бириктирди.

Жогорку класстардын окуучуларына багытталган СПИД тууралуу музыкалык жана хореографиялык спектаклдер опера жана балет театрында коюлган. Бул оюндарды Бишкек шаарынан жана анын айланасынан келген 40000 окуучу көргөн. Йоддун жетишсиздигинен келип чыккан оорулардын профилактикасы боюнча долбоор насыяттуу музыкалык ревю формасында Орус драмалык театрында даярдалган жана бул оюнду көрүү үчүн Бишкек шаарынан жана Чуй областынан 18000 окуучу келген. Театр оюндарды жаратууга жаш адис-волонтёрлорду өзүнө тартат (режиссерлор, сүрөтчүлөр, акындар, композиторлор, модельерлер, артисттер). Театрда ар башка учурда жаш комузчулар ийрими иштеп, музыкалык студия түзүлгөн.

### 4.2.4. Балдар, өспүрүмдөр жана жаштар менен иш алып барган социалдык реабилитациялоо борборлору

**Жаңы-Жер айылындагы №43 профессионалдык лицейи**

Сокулук районунун Жаны-Жер айылындагы №43 профессионалдык лицейинин базасында (директору-Бакыт Мусаева) 2002-2004-жылдар арасында Кыргызстандагы ЮНЕСКО иштери боюнча Улуттук комиссиясынын «Маргиналдык жаштарды жана кароосуз калган балдарды социалдык интеграциясы аркылуу жакырчылыкты жоюу» долбоорунун алкагында «Ак канат» реабилитациялык борбору түзүлгөн («Белый лебедь»). Долбоордун максаты - көркөм өнөр жаатында окутуу жана тарбия берүү жана башка ишмердүүлүк аркылуу кароосуз жана көзөмөлсүз калган балдарды реабилитациялоо.

Адатта мындай балдар жана өспүрүмдөр бир катар травма жараткан факторлорду баштарынан өткөрүшкөн – чоңдор тарабынан физикалык жана психологиялык зордук, алардын көйгөйлөрүнө коомчулуктун кайдыгер мамилеси, физикалык кыйынчылыктар, өздөрү жана үй бүлөлөрүнүн тирилик көрүүсү үчүн тамак-

аш, башкалкалоочу жай жана иш табуу зарылдыгы. Ушунун баардыгы балдардын жана өспүрүмдөрдүн калыптанбаган психикасында терең из калтырган. «Ак канат» долбоорунун алкагында алар педагогдордун жана психологдордун квалификациялуу жардамын алышып, орто билимге жана жаңы адистикке ээ болушту.

Мындай балдар жана өспүрүмдөр менен иштөө учурунда окутуучулар алардын сулуулукту ташыган искусствого болгон эң күчтүү керектөөсүн байкашты. «Сахна» театрынын көркөм жетекчиси, белгилуу режиссер Нурлан Асанбеков лицейдин алдында театралдык ийримди түзүү долбооруна жардам көрсөттү. 2005-жылы ал «Оомат» Жаштар театры атын алган.

2006-жылдан тартып «Устатшакирт» борборунун окутуучулары АКМІСА Программасынын колдоосу аркасында өздөрүнүн музыкалык мурастардын салттарын өнүктүрүү жана жаңы муундарга өткөрүп берүү иштеринин алкагында лицейчилерге комузда ойноо сабактарын беришти. Лицейдин окуучулары – алардын ичинде мурунку «батыша албаган» өспүрүмдөр – музыка жана актердук өнөргө кызыга башташты. Долбоордун алкагында алар толук кандуу жашоого кайрылуу максатында билимин кеңейтишип жана ой- жүгүртүүнүн креативдүүлүгүн өнүктүрүштү.

2006-жылы «Оомат» театрында «Комуздун жаралышы» («Рождение комуза») оюну жана «Кыл кыяктын жаралышы» пьесасы - кыргыздын салттык музыкалык аспаптары тууралуу баян коюлган. Театрдын режиссеру жана долбоордун менеджери – «Алтын шаты» Президенттик программасынын стипендианты Илгис Жунусов. Спектаклдин музыкалык жасалгасы «Устатшакирт» борборунун окутуучусу Нурбек Серкебаевдики. Анын аткаруусундагы комуздун, кыл кыяктын, ооз комуздун, чоордун, чопо чоордун жана сыбызгынын күүлөрү сценалык аткаруунун драматургиясын толуктайт.

Жаштар театрындагы сабактар лицейчилерге өткөндөрдүн терс оор жүгүнөн, коркуу сезимдеринен, өзүнө-өзү ишенбөөчүлүктөн жана тартынчаактыктан арылууга жардам берет. Театр алардын көркөм жана эстетикалык кабыл алуусун өөрчүтүүгө мүмкүндүк берет. Балдар көргөзмөлөргө, сынап чыгууларга, театралдык реквизиттерди жана костюмдарды даярдоого кызыгуу менен катышышат.

Эскертүү: «Оомат» Жаштар театрынын оюндары (мамлекеттик тилде): 2005-ж. У.Шекспирдин «Он экинчи түн», 2007-ж. – эпостун үзүндүлөрү боюнча «Шырдакбектин бөз жоргосу», 2008-ж. – эпостун үзүндүлөрү боюнча «Дамбыр-таш», 2009-ж.- «Олжобай менен Кишимжан» эпикалык баяны, 2009-ж. - Ч.Айтматовдун «Кызыл алма», 2010-ж. – эпостун үзүндүлөрү боюнча «Кыл кыяктын жаралышы».

**«Үмүт-Надежда» реабилитациялоо борбору**

Реабилитациялык борборлор көркөм окутуу системасында өзгөчө орунду ээлешет. Алар мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн көркөм тарбиянын элементтери бар окуу жана релаксациялык курстарды  уюштурушат. Аларга 1989-жылы советтик Балдар фондунун  алкагында түзүлгөн  «Үмүт-Надежда» Балдар реабилитациялык борбору кирет (БРБ Кенешинин төрайымы Карла-Мария Шелике, төрайымдын орун басары Игорь Шелике). Борбордун максаты – майып балдардын социалдык интеграциясы жана аларды  түзгүн жашоого даярдоо. Борбор «окутууга жараксыз» деп кабыл алынган, ансыз деле колдоосуз жалгыздыкка байланган балдар менен иштейт.

Учурда борбордун алкагында үч интегративдүү балдар бакчасы ( Бишкек ш., Көк-Жар айылындагы жана Ысык-Көлдөгу Өрнөк айылындагы), мектепти, «Януш Корчактын Борбору» аттуу окуутуу жана өндүрүш устаканалары иштейт. Бул устаканаларда ал жерде чоңойгон өспүрүмдөр жана эрезеге жеткендер калып, профессионалдык билим алышат. Балдар реабилитациялык борборунун бүтүрүүчүлөрүнө «Манас социалдык айылы» коомдук бирикмеси түзүлгөн, бул жерде алар татыктуу жашаганага жана иштегенге мүмкүнчүлүк алышат. Ошентип, «Үмүт-Надежда» борборунда ар кайсы убакта 2 жаштан 25-30 жашка чейинки 75ке жакын адам, алардын арасында оор медициналык дарттары бар балдар жана өспүрүмдөр билим алышат, тарбияланышат жана иштешет.

«Үмүт-Надежда» борбору өзүнүн 20 жылдык ишинде «окутууга жараксыз» деп табылган балдарга, атайын же жалпы билим берүү мектептерине өтүүгө, жогорку билим алууга (Борбор Азиядагы Америкалык университети, Техникалык университети) мүмкүндүк беришет. Мунун баардыгы, борбордо иштелип чыккан жана аткарылып жаткан оор жана комплекстүү илдеттерге чалыккан балдар менен иштей ала турган мугалимдерди жана тарбиячыларды даярдоо программасына байланыштуу.

«Биз бардык - өзгөчө жана ден-соолугу чың балдардын балачак дүйнөсүн бириктиргибиз келет», - дешет борбордун педагогдору, өзгөчө жана ар башка болуу- бул кадимки эле көрүнүш деп эсептейбиз». Реабилитациялоонун атайын программасы тарбиялануучуларга мектептик сабактар жана социалдык жүрүм-турум багытында билим алууга жана ошондой эле, карапачылык, жыгач устачылык, бакчылык, ашпоозчулук, кол өнөрчүлүк жана башка ишмердиктер боюнча эмгек тажрыйбасын топтоого мүмкүндүк берет. Ар түрдүү медициналык, терапиялык иш-чаралардан сырткары, музыканы жана түстөрдү колдонуу терапиялары колдонулат. Балдар социалдык мамилелерге, ырдоого, ойноого, окууга жана саноого үйрөнүшөт. Алар шаардык сынактарга катышышып, концерттер менен чыгышат, башкача айтканда, алар

ден-соолугу чың, өз курагындагы балдар жашагандай эле жашоо жүргүзүшөт. 1991-жылы белгилүү жазуучу Ч.Айтматов борбордун ардактуу президенти болуп, ошол эле учурда, борбор ЮНЕСКО менен ассоциацияланган мектептердин программасына киргизилген.

2006-жылдын 13-декабрында «Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укугу жөнүндө Конвенция» БУУ Генералдык Ассамблеясынын Резолюциясы аркылуу кабыл алынган. Бул конвенциянын принциптерин (мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын өнүгүп жаткан жөндөмдөрүнө сый менен мамиле кылуу жана алардын инсандык укуктарын урматтоо принциптери) эске алуу менен бирге «Үмүт-Надежда» борборунун «Искусство - мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды реабилитациялоонун каражаты» долбоору алкагында, борбордун жетекчилиги жана ишчилери бир гана реабилитациялоо боюнча батыштын алдынкы ыкмаларын колдонбостон, кыргыз салттык искусствосунун негизинде өздөрү иштеп чыккан ыкмаларды колдонууда. Мисалга алганда, борбордо музыкалык студия түзүлүп, ал жерде тарбиялануучулар улуттук аспаптарда ойноого үйрөнүшөт. Балдар театралдык студияда «Манас» баатырдык эпосунан үзүндүлөрдү мамлекеттик тилде коюшат, анын үстүнө, кыргыз тилинин фонетикасы, балдардын тилинин өөрчүшүндөгү оор логопедиялык проблемаларды жоюуга жардам берет.

Борбордо ай сайын балдарды курчап турган маданий, көркөм жана тарбия берүү чөйрөсүн куруудагы өзгөчө мааниге ээ болгон майрамдарды жалаң гана алар үчүн эмес, аларды куурчап тургандар үчүн өткөрүшөт. Бул жагдайда баланын тагдырына ата-энелердин, достордун, туугандарынын жана башка кайдыгер эмес кишилердин реабилитациялоочу маданий чөйрөсүнүн калыптануусу процессине катышуусу өтөт. Борбордун кызматчылары GTZнин, ЮНЕСКОнун жана башка уюмдардын долбоорлорорунун алкагында, ошондой эле, борбордо мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иштегендерге квалификациясын жогорулатуу максатында семинарлар тынымсыз өткөрүлүп турат. Жогоруда айтылгандардан улам, «Үмүт-Надежда» балдардын реабилитациялык борборун, баланын өсүп-өнүгүү проблемаларынын формасына жана даражасына карабай, анын социалдык жана чыгармачыл реабилитациясы максатында, ар бир баланын мектепте жана көркөм өнөр жаатында билим алуу укугун жүзөөгө ашыруудагы модели катары кароого керек.

**SOS-KINDERDORF балдар кыштагы**

1996-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана SOS-KINDERDORF INTERNATIONAL ортосундагы, Имст шаарында (Австрия) Герман Гмайнер тарабынан негизделен биринчи SOS-балдар кыштагы тарабынан кабыл алынган принциптерге ылайык, Кыргыз Республикасында SOS-балдар кыштактарын түзүү боюнча келишимге кол коюлган. SOS-балдар кыштагынын негизги принциби болуп ата-энесинен айрылган, же ата-энеси таштап кеткен, же болбосо аларга ата-энелик комкордук көрсөтө албаган өзгөчө камкордукка муктаж болгон балдарга жардам берүү болуп саналат.

Кыргызстандын Бишкек жана Чолпон-Ата шаарларында эки SOS Балдар кыштагы иштейт. Алардагы камкордук көргөн жаңы төрөлгөн балдардан баштап – 12 жашка чейин балдардын саны 150гө барабар. Балдар кыштактарынын алдында 500 кишилик мектеп, 15 жашынан ашкан 70 бала жашаган 4 жаштар үйү жана 150 баланы камтыган бала бакчалар иштейт. Долбоордун максаты болуп баланын жаңы үй-бүлөгө жана энелик мээримге муктаждыгын камсыздандыруу, материалдык жактан жардам көрсөтүү, тарбия берүү жана коргоо алдында болуусу саналат.

Бишкек шаарындагы балдар кыштагы 14 үйдөн турат. Ар бир үйдүн ичинде бир социалдык эне ар улуттагы жана жаштагы 10 балага тарбия берет. Ошол эле жердин бала бакчасында жана Г.Гмайдер атындагы орто мектепте көзөмөл алдына алынган балдар башка балдар менен чогуу билим алышат. Эрезеге жеткен тарбаялануучулар жаштар SOS- кыштагына көчүшөт. Ал жерде алар өз алдынча болууга, жогорку окуу жайда окуганга же иштөөгө мүмкүнчүлүк алышат.

SOS-кыштагы алдындагы мектепте балдар музыка сабагын бекитилген программа боюнча алышат. Алар үчүн майрам күндөрү уюштурулат. Андан сырткары, 2002-жылы шаардык №4 музыкалык мектеби бул жерде өзүнүн филиалын ачып, анда фортепиано, салттык музыкалык аспаптарда ойноо, вокал жана хореография, ошондой эле декоративдик-колдонмо жана сүрөт искусствосу сабактары өткөрүлөт. Окутуучулар тарбиялануучулардын арасынан таланттуу балдарды табууга аракет кылышат жана аларга шыктарын өнүктүрүүгө жардам беришет. Мисалга алганда, ырчы Медет Козубеков дал ушул кыштактын тарбиялануучусу болгон, ал көптөгөн сынактардын жеңүүчүсү жана азыркы учурда ал Кыргыз улуттук консерваториянын студенти.

Кыштактагы көркөм өнөр окутуунун позитивдүү жыйынтыктары салтка айланды, анткени тарбиялоочулардын жана балдардын ортосундагы өз ара кызыкчылыктардын арткандыгы байкалууда. Бул аракеттердин натыйжасында балдардын эстетикалык табити жана баалуулуктары калыптанууда, маанилүү

эстетикалык керектөөлөрү пайда болууда жана дүйнөгө болгон көз карашы байытылууда.

### 4.2.5. Чондорду реабилитациялоо борборлору

**Жалпы режимдеги аялдарды түзөөтүү колониясы**

2004-жылы жалпы режимдеги аялдарды түзөтүү колониясында Новопавловкадагы орто билим берүү мектеп-гимназиясынын театралдык группасынын реабилитациялык долбоору жүзөгө ашырылган (көркөм жетекчиси Камат Касенов). Долбоордун алкагында өз энеси таштап кеткен жана балдар үйүнө туш болгон кыздын тагдыры тууралуу оюн коюлган. Спектакль, көрүүчүлөрдүн көбүн жашыткан. Статистика көрсөткөндөй, камактагы аялдардын белгилүү бир пайызы толук эмес үй-бүлөлөрдө тарбияланып, энелик жана ата-энелик мээриминен жана камкордугунан айрылган аялдар. Мындай көйгөйлөр алардын энелик ич туярлыгынын жок болуп кетишине түрткү берген. Оюндун сахнага коюлушу аларга баланын сезимин, анын энелик мээримге болгон муктаждыгын түшүнүүгө мүмкүндүк берди.

Оюн бүткөндөн кийин, камактагылардын билдирүүсү боюнча, ал аларга өздөрүнүн жошоосуна сын көз караш менен караганга, балдарынын алдында жоопкерилигин сезүүгө же үй бүлөлүк баалуулуктар тууралуу ойлонууга жардам берди. Долбоордун аткарылган максаты болуп, анын катышуучуларынын моралдык жана адеп-ахлактык реабилитациясы жана алардын көбүнчөсүндө социалдык иммунитетинин жогорулашы саналат.

Ошол эле жылы колонияда камактагы аялдарга улуттук кол өнөрчүлүккө үйрөтүү боюнча Азиялык өнүгүү банкы тарабынан каржыланган пилоттук долбоор жүзөгө ашырылган (ЮНЕСКОнун Кыргызстандагы Улуттук комиссиясынын патронажы астында, генералдык катчысы А.И.Токтосунова). Долбоордун алкагында кылмыш үчүн жазага тартылган аялдар бир жылдын ичинде сайма саюуу ыкмаларына, Кыргызстандын салттык материалы - кийиз менен иштөөгө үйрөнүшкөн. Камактагы аялдардын декоративдик жана колдонмо чыгармаларынын көргөзмөсү андан кийин Кыргызстан-Сорос Фондунун Ресурстук борборунун көргөзмөлөр залында өткөрүлгөн.

Долбоор аялдарга тажрыйба топтогонго мүмкүндүк берип, аларга камактан бошогондон кийинки эмгек жолун баштоого негиз түзүүгө багытталган. Кол өнөрчүлүккө үйрөнүүнүн практикалык максатынан сырткары, мындай ишмердүүлүк менен алектенүү аялдарга психологиялык жана реабилитациялык таасир берген. Камактагы аялдар үчүн улуттук колдонмо искусствосу боюнча сабактар эстетиканы

ташыган мындай буюмдарды өз колу менен жасоо мүмкүнчүлүгүн, өз күчүнө ишенүүнү, жаңы турмушка үмүт менен кароону жана кетирген катачылыктарынын жүгүнөн арылууга жол ачты. Бүгүнкү күндө кээ бир өлкөлөрдө кылымыштык-түзөө системасында *Prison Art* сүрөт искусствосу боюнча сынактар уюштурулуп, ал эркиндикте жүрбөгөн учурда чыгармачылыкка өтө берилген өз демилгелүү сүрөтчүлөрдүн катышуусуна багытталган.

2009-жылы Ч.Айтматов атындагы Мамлекеттик академиялык орус драм театры, аялдар колониясына Эрик-Эммануэль Шмиттин «Оскар жана Кызгылтым айым» моно-спектакли менен чыгууну уюштурушкан. Андагы башкы ролду КРнын эл артисткасы Татьяна Стрельцова аткарган (режиссеру Эльвира Ибрагимова). Кудайга жазылган он төрт кат, спектаклде айтылган айыкпас ооруга чалдыккан баланын драмалык жана сезимди ойготуучу тарыхы бир дагы көрүүчүнү кайдыгер калтырган жок.

Психологдордун оюу боюнча, искусство, камакка алынгандарды бир гана уруксаат берилбеген иштерден жана терс эмоцияларга ыкласын койгондон алыс тутууга түрткү бербестен, ошондой эле, алардын маданий жана профессионалдык деңгээлин жогорулатууга жардам берет. Искусство психологиялык терапияны түзгөн бирден-бир негиз катары колдонулат.

## КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАР

Көркөм өнөр окутуу Кыргызстан элинин руханий маданиятынын өнүгүүсүнүн, коомдун жаратуу күчүн кайра жандандыруу жана XXI-кылымда инсандын мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүнүн күчтүү фактору болуп саналат. Бул гуманитардык чөйрө коомдун мүчөлөрүн фундаменталдык илимий, жалпы маданий, профессионалдык жана практикалык жактан даярдоосун, улуттун ителлектуалдык потенциалынын калыптануусуна жана инсандын XXI-кылымдын эң бийик баалуулугу катары ар тараптуу өнүгүшүн камсыз кылууга багытталган.

Ошону менен бирге Кыргызстандагы билим берүү системасынын реформасы, көркөм окутуунун сапаты - биринчиден, билим жана педагогикалык кадрлардын стандарттарынын, инфраструктуранын жана башкаруунун сапаты экенин көрсөттү. Бул категориялар акыркы жылдары өлкөдөгү коомдук жана саясий өзгөрүүлөрдүн динамикасына байланыштуу. Бирок, коомдук жана саясий багыттын улам өзгөрүшү жана тереңдеп жаткан экономикалык кризис, коомдун жана инсандын калыптануусунун XXI-кылымдагы керектөөлөрү талап кылган билим берүү тармагынын алдыга жылып өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн жок.

Мына ушуларды эске алып, Кыргызстандагы көркөм өнөр окутуу системасынын реформасындагы стратегиялык биринчи орундагы маселеси болуп, көркөм өнөр окутуунун улуттук системасын куруу жана дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүнүн деңгээлине чыгуу саналат. Көркөм өнөр окутуу системасын реформалоонун негизги жолдору болуп төмөнкүлөр саналат:

- Коомчулукта көркөм өнөр окутууну өнүктүрүүгө багытталган колдоо жана кызматташтык атмосферасын түзүү;
- Жалпы адамзаттык жана гумандуулук баалуулуктардын девальвациясынан арылуу;
- Жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоо;
- Билим жана илимдин интеграциясы, окуу мекемелеринин илимий потенциалын жана илимий-изилдөө мекемелерин окутуу процессине тартуу;
- Жаңы муундагы окутуу жана тарбия берүү мекемелерин түзүү;
